17-НОЯБРЬ – КЫРГЫЗ КИНОСУНУН КҮНҮ

1941-жылы 17-ноябрда Совет элдик комитети "Фрунзе шаарында кинохроникалык студия курулсун" деген буйрук чыгарган. Тарыхта бул күн кыргыз киносунун жаралган күнү катары калган. 2002-жылы 17-ноябрда "Кыргызфильм" киностудиясына чыгаан кинорежиссёр, СССРдин эл артисти Төлөмүш Океевдин ысымы ыйгарылган.

АЛКОО САГА, АЙСУЛУУ!

Дүйнөлүк күрөш уюму (UWW) "Кыргызстандык биринчи дүйнө чемпиону Айсулуу Тыныбекованын Instagram баракчасынын катталуучулары 150 миңге чукулдаганын жазып, Айсулууну колдоого алалы!" – деген билдирүү таратты. Айсулуу 2018-жылы Казакстандын Нур-Султан шаарында өткөн дүйнөлүк биринчиликте 62 кг салмакта дүйнө чемпиону болуп, алтын байге уткан кыргызстандык алгачкы балбан кыз. Учурда мыктылардын дүйнөлүк рейтингинде өз салмагы боюнча биринчи орунда турат.



Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин Тоо

№94
(3166)

WWW.ERKINTOO.KG

Шейшемби, 2020-жылдын 17-ноябры

ПРЕЗИДЕНТ БОЛУУ ОҢОЙБУ?

Кыргызстанда 2021-жылдын 10-январына дайындалган президентти мөөнөтүнөн мурда шайлоого аттангандарды каттоо 15-ноябрда жыйынтыкталды. Борбордук шайлоо комиссиясына президенттикке камынган 63 талапкер катталды. Алардын 8и аялдар, 55и эркектер. Талапкерлер 3-декабрь саат 00.00гө чейин 30 миңден кем эмес кол тамга чогултуп, бир миллион сом шайлоо күрөөсүн төгүү керек.

Ички иштер министри Улан НИЯЗБЕКОВ:

"МЕН ИИМ БАШЧЫСЫ КАТАРЫ ИШИМДИ КАДРЛАРДЫ АЛМАШТЫРУУДАН БАШТАГАН ЖОКМУН"

3-БЕТТЕ

"Эркин Тоо"

– эгемендүү доордун гезити

2021-ЖЫЛДЫН АЛГАЧКЫ 6 АЙЫНА ЖАЗЫЛУУ БАШТАЛДЫ.
Баасы накталай төлөм – 1123,14 сом,
которуу аркылуу – 1103,44 сом.
"Нормативдик актылар" журналына жазылуу баасы:
накталай – 1480,19 сом,
которуу аркылуу – 1454,22 сом.

"ЧЕПТЕН ЭРДИН КҮЧҮ БЕК" ЖЕ ЧЕК АРА КӨЙГӨЙҮ ЧЕЧИЛДИБИ?

4-БЕТТЕ

МОЛДОВАДА МАЙЯ САНДУ ОЗДУ

15-ноябрда Молдовада президенттик шайлоонун экинчи айлампасы өтүп, өлкөнүн экс-премьер-министри Майя Санду жеңип чыкты. Борбордук шайлоо комиссиясы баштапкы маалыматтарга ылайык аны шайлоочулардын 57 пайызы колдогонун билдирди. Өлкөнүн азыркы президенти Игорь Додон 43 пайыз добуш алды. 2016-жылдагы президенттик шайлоодо Додон экинчи айлампада Сандуну жеңип алган болчу.

САДЫР ЖАПАРОВ ПРЕЗИДЕНТТИК ЖАРЫШКА АТТАНДЫ

14-ноябрда Садыр Жапаров КРнын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкерлигин көрсөтүү үчүн документтерин тапшырды.

Белгиленген тартипке ылайык Президенттик кызмат ордуна талапкерлер Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкерлигин көрсөтүү ниети жөнүндө арызын, башка мамлекеттин жарандыгы жок деген маалыматты, чет мамлекеттин жарандыгы жоктугу боюнча жеке маалыматтарды карап чыгууга жазуу түрүндө макулдугун, мамлекеттик тилди билүү деңгээли тууралуу сертификатты жана башка зарыл маалымкаттарды, документтердин формаларын жана көчүрмөлөрүн тапшыруусу зарыл.

ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫ ТАЛАНТ МАМЫТОВ ПРЕЗИДЕНТТИН МИЛДЕТИН АТКАРАТ

Садыр Жапаров Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкерлигин көрсөткөндүгүнө жана Президенттин милдетин аткаруу ыйгарым укугун өткөрүп бергендигине байланыштуу Конституцияга ылайык өлкө Президентинин милдетин аткаруу ыйгарым укугу Жогорку Кеңештин Төрагасы Талант Мамытовго өттү.

Буга байланыштуу 14-ноябрда Президенттин милдетин аткарууга киришүү алдында Талант Мамытов калкка кайрылуу жасады.

Жогорку Кеңештин төрагасы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 68-беренесине ылайык жаңы Президент шайланганга чейин анын ыйгарым укуктарын аткаруу милдети Жогорку Кеңештин Төрагасы катары ага жүктөлгөнүн айтып, көп сыноолордо такшалган, эркиндикти, адилеттүүлүктү туу туткан элибиз 5-6-октябрдагы элдик толкундоолордон кийинки курч саясий кризистен ыкчам жана тынч жол менен чыгып, биримдигибиз бекемделгенин белгиледи.

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу Талант Мамытов кайрылуусунда Кыргызстанда саясий жана социалдык туруктуулук орногонун, укук коргоо органдары, соттор, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары штаттык режимде иштеп, коррупцияга каршы күрөштү күчөтүүгө багытталган чечкиндүү кадамдар жасалып жатканына токтолду. Ошондой эле чакан жана орто бизнести коргоо, өнүктүрүү иштери колго алынды. Өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалды турукташтыруу боюнча профилактикалык иш-чаралар өткөрүлүүдө. Кыргызстан жакынкы жана алыскы өлкөлөр менен өнөктөштүк мамилелерди мындан ары да тереңдетүүгө даяр жана буга чейинки эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдер жана макулдашуулар толугу менен аткарылууда, - деп белгиледи.

Талант Мамытов алдыдагы эң башкы милдети катары 2021-жылдын 10-январына белгиленген Президенттик шайлоону ачык жана мыйзам чегинде өткөрүп, бардык талапкерлер үчүн бирдей шарт түзүү менен элдин эркин тандоосун камсыз кылууну айтты. “Ошондуктан өлкө башчысынын милдеттерин аткарууга киришип жатып, эл алдындагы, мамлекет алдындагы жеке жоопкерчилигимди сезип жатам. Конституциялык укуктарымдын алкагында Президенттин милдетин аткаруучу катары элдин тынчтыгын, өлкөнүн бүтүндүгүн коргоо үчүн бардык аракетимди жасайм”, - деп билдирди Президенттин милдетин аткаруучу Талант Мамытов. Ал өлкөнүн акыл-эстүү жарандары аны толугу менен колдооруна ишенимин билдирип, ар бирибиз сыттан карап турбай, кыйынчылыктан чогуу чыгууга чакырды. Өз миссиябызды аткарып, эл алдында жүзүбүз жарык, алгылыктуу иш алып барабыз деп ишенем. Мындан ары да бекем ынтымакты, ширелген биримдикти, нукура тилектештикти көрсөтөлү. Журтубузга ак ниет кызмат кылуу, мекенибиздин көз карандысыздыгын, элибиздин эркиндигин, жерибиздин бүтүндүгүн сактоо - ар бирибиздин ыйык парзыбыз, - деп белгиледи Жогорку Кеңештин Төрагасы, Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу Талант Мамытов.

ЧЕК АРА КЫЗМАТЫ УКМКнын КУРАМЫНА ӨТТҮ

Бул туурасындагы тийиштүү токтомго Кыргыз Республикасынын Премьер-министри 14-ноябрда кол койду.

Кабыл алынган чечимге ылайык, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын базасында, жайгашкан жери Бишкек шаары болгон Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы түзүлдү.

Мындай чечим мамлекеттик чек араны кайтаруу тутумун өркүндөтүү, эл аралык кылмыштуу топтордун кирүү коркунучуна каршы туруу, чектеш мамлекеттерден Кыргыз Республикасынын аймагына жүктөрдүн жана товарлардын, баңгизат каражаттарынын жана куралдын мыйзамсыз алып келинишине каршы күрөшүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле мамлекеттик бийликтин аткаруу органдарынын функцияларын оптималдаштыруу максатында кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын директору Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасынын биринчи орун басары болуп саналат.

КОРОНАВИРУС МЕНЕН КҮРӨШҮҮДӨ ДАРЫ-ДАРМЕКТИН КОРУ 2 АЙГА ЖЕТЕРЛИК БАР

Коопсуздук кеңешинин катчысы Рыскелди Мусаев 13-ноябрда коронавирус инфекциясынын жайылышына каршы күрөшүү боюнча айрым саламаттыкты сактоо уюмдарынын калкка санитардык-медициналык жардам көрсөтүүгө даярдыгын текшерди.

Рыскелди Мусаев №1 «Семетей» шаардык клиникалык ооруканасынын жугуштуу оорулар бөлүмүндө жана Республикалык жугуштуу оорулар ооруканасынын жугуштуу оорулар боюнча жаңы стационарында болуп, ал жердеги COVID-19 илдетинин жана ооруканадан тышкары пневмония оорусунун симптомдору бар бейтаптарды кабыл алууга даярдык көрүү процесси менен таанышты. Учурда «Семетей» жугуштуу оорулар бөлүмү коронавирус инфекциясы менен ооруган бейтаптарды кабыл алууга толугу менен даяр жана жакынкы күндөрү өз ишин баштамакчы.

Коопсуздук кеңешинин катчысы коронавирус инфекциясына каршы күрөшүү үчүн ишке тартылган дарыгерлерди даярдоо борборуна да барды. Борбордон коронавирус инфекциясынын жана ооруканадан сырткары пневмониянын симптомдору бар бейтаптарды дарылоо боюнча 7500дөн ашуун медициналык кызматкер окутуудан өткөнү белгилүү болду. Ошондой эле Саламаттыкты сактоо министрлигинин Улуттук госпиталында керектүү дары-дармектер менен канчалык деңгээлде камсыздалуусун текшерди.

Министрликтин маалыматына ылайык, калкка медициналык-санитардык жардам көрсөтүү, коронавирус инфекциясынын жана ооруканадан сырткары пневмониянын жайылышы менен күрөшүүгө жакынкы 2 айга жетишерлик дары-дармектердин керектүү кору бар.

Кошумчалай кетсек, бул текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгы тарабынан өлкөнүн жетекчилиги үчүн тийиштүү маалымат жана эпидемиянын таралышына каршы күрөшүүгө тартылган саламаттыкты сактоо уюмдарынын ишин күчтөндүрүүгө багытталган сунуштамалар даярдалат.

ПРЕМЬЕР-МИНИСТРДИН МИЛДЕТИН 1-ВИЦЕ-ПРЕМЬЕР-МИНИСТР АРТЕМ НОВИКОВ АТКАРАТ

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогору Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык 15-ноябрдан баштап Садыр Жапаровдун Премьер-министрдин кызматтык ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоонун жыйынтыктары аныкталганга чейин токтотулду.

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо мезгилинде Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин милдетин аткаруу «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьер-министри Артем Новиковго жүктөлдү.

КАРЖЫЛЫК ЖАРДАМ ЖАНДАНАТ

14-ноябрда Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьер-министри Артем Новиков Москвада Россия Федерациясынын Президентинин Администрациясынын Жетекчисинин орун басары Дмитрий Козак менен жолугушту.

Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө тараптар Кыргыз Республикасында учурдагы коомдук-саясий кырдаалды талкуулашты.

Жолугушууда ошондой эле эки тараптуу форматтагы жана интеграциялык өз ара аракеттенүүнүн алкагында Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы кызматташуунун актуалдуу маселелери туурасында сөз болду. Жыйынтыгында Россия

Федерациясы тарабынан Кыргыз Республикасына каржылык жардам көрсөтүүнү этап-этабы менен баштоо маселеси макулдашылды.

БАЛДАРДЫН ДЕН СООЛУГУНА КЫЗМАТ КЫЛЧУ ЖАҢЫ ЭКИ МЕКЕМЕ АЧЫЛДЫ

Вице-премьер-министр Эльвира Сурабалдиева Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Эне жана баланы коргоо улуттук борборундагы эки жаңы имараттын: клиника-диагностикалык блоктун жана органдарды трансплантациялоочу гематология бөлүмүнүн салтанаттуу ачылышына катышты.

Вице-премьер-министр заманбап талаптарга жооп берген балдар медициналык мекемесинин ачылышын жалпы республикабыз үчүн маанилүү окуя катары баалап, «Жаңы корпустардын курулушунун долбоордук-сметалык документтерин, медициналык жана медициналык эмес буюмдарды кошо каржылаган «Ас-Сафа борбору» коомдук бирикмесине ыраазычылык билдирди. “Жаңы ишке берилген медициналык мекемелер балдардын ден соолугун чыңдоо максатында жемиштүү иш алып баруусун каалайбыз. Медициналык кызматкерлер жогорку квалификациялуу жана тажрыйбалуу адистерден туруп, медициналык тейлөөнү мыкты деңгээлде көрсөтөөрүнө ишеним билдирем», - деп белгиледи Эльвира Сурабалдиева.

Мындан тышкары, вице-премьер-министр балдардын онкогематологиялык имаратынын курулушуна капсула салуу иш-чарасына катышты.

Даярдаган Бегим ТУРДАЛИЕВА

Реформалар улантылат

Ички иштер министри Улан НИЯЗБЕКОВ:

“МИЛИЦИЯ - КЕСИПКӨЙЛҮК ЖАНА АДАМГЕРЧИЛИК ЖАКТАН ЖОГОРКУ КРИТЕРИЙЛЕРГЕ ЭЭ БОЛУШУ КАЖЕТ”

- Улан Омокеевич, Сиз Ички иштер министрлигинин ички каржылык-чарбалык абалын жакшы билесиз. Ал эми жалпы милициянын азыркы абалын канчалык билесиз? Ишти эмнеден баштадыңыз?

- Мен суроонузга түз жана так жооп берейин. Өзүм Ички иштер министрлигинде көптөгөн жылдар бою иштегендигиме байланыштуу ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн эң жакшы билемин. Бүгүнкү учурда биз чече турган маселелер жетиштүү. Алгач эле ишти ички иштер тармагын заман талабына шайкеш реформалоо, коомдук тартипти кынтыксыз камсыз кылуу жана кылмыштуулукту азайтуу, уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөштү күчөтүү, ички тартипти чыңдоо, милиция кызматкерлерине социалдык жактан кам көрүү жана кесипкөй кадрларды даярдоо багыттарында баштоого кадам ташладым. Коомдук кеңеш жана жарандык коомчулук менен биргеликте реформалык аракеттерди ишке ашыруу максатын койдук.

Жакында Ички иштер министрлигинин ыкчам онлайн-коллегиясын өткөрүп, учурдагы кылмыштуулукка талдоо жасап, кыска жана узак мөөнөттө аткарыла турган иш-мерчемдерди бекиттик. Анда коомчулук тарабынан кызуу талкуу жараткан кылмыштардын бетинин ачылышы, уюшкан кылмыштуулук менен күрөшүү, жарандардын коопсуздугун камсыздоо, кызматтык тартип боюнча көрүлүп жаткан чаралар, милиция тутумундагы коррупцияны алдын алуу жана милиция кызматкерлеринин ден соолугуна өзгөчө көңүл буруу багыттары белгиленди.

Биз учурда ИИМдин ишмердүүлүгүнө байланышкан мыйзамдарды кайрадан карап чыгып, толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизебиз. Кылмыштарды болтурбоого байланышкан алдын алуу иштерин, кылмыш бетин ачууга жана тергөөгө багытталган иш-чараларды жүргүзүүдө артыкчылыктуу кызматтардын жоопкерчилигин аныкташыбыз зарыл. Жогоруда мен айткан багыттарда ар кимисинин өз орду жана ролу жогору болушу керек. Бул жерде криминалдык милиция менен тергөө кызматынын иштөө принциптерин так аныктап, иштин сапатын жогорку деңгээлге көтөрүү керектигин белгилеп жатабыз.

Тартип сакчыларынын жалпы жамааты ар кандай чагымчыл аракеттерге бөгөт коюп, саясаттан алыс болуп, биринчи кезекте өз элибизге, мамлекетибизге ак кызмат кылып, элдин ишеничин акташыбыз керек. Милиция саясаттан тышкары турат. Экинчиден, катталган ар кандай тартип бузуулардын, кылмыштардын, жоруктардын, анын ичинде оор жана өзгөчө оор кылмыштардын бетин ачуу боюнча иштерди күчөтүү багыттары бар.

- Акыркы айда УКМК жана Экономикалык кылмыштарга каршы кызматы өтө көп коррупциялык фактылардын бетин ачууда. Анын ичинде ИИБнын начальниктери, милиция кызматкерлери пара алып жаткан учурлар да бар. Мынчалык акча талап кылуу, пара алуу эмнеден улам болууда?

- Милициянын ичиндеги Сиз айтып жаткан фактылардын дээрлик бардыгында ИИМдин Ички иликтөө кызматынын кызматтык иликтөөлөрүнүн жыйынтыгынын, алар топтогон жана аныктаган материалдардын негизинде башка укук коргоо органдары менен биргеликте ыкчам тергөө иш-чараларын жүргүзүп жатабыз. Демек, көпчүлүк тартип бузууларды өзүбүз аныктап, өзүбүз аларга чара көрүү максатын көздөп жатабыз.

Ички иштер органдарынын кызматкерлери мыйзамдуулукту сактап, өз милдеттерин так аткаруусун жөнгө салуу үчүн Ички иштер министрлиги тарабынан белгиленген тартипте иш-чаралар жүргүзүлүп турат.

2020-жылдын тогуз айын алсак, мыйзамдуулукту жана кызматтык тартипти бузган 4 миңдей кызматкер аныкталган. Анын ичинен 48 кызматкер ички иштер органдарынан, 80 кызматкер ээлеген кызматтарынан бошотулган. Калган кызматкерлерге ар кандай тартиптик жазалар көрүлгөн. Эч кимиси жазасыз калган жок, этика боюнча комиссияда каралды.

Былтыркы жылга салыштырмалуу айтканда, кызматкерлер тарабынан мыйзамдуулукту жана тартипти бузуу фактылары төмөндөп жатат. Эң негизгиси, ички иштер органдары ачык иштөөдө. Башкача айтканда, мурдагыдай болуп өзүбүздүн ичибиздеги кылмыштарды жаапжашырбай, коомго ачык маалымат берип жатабыз. Ошол себептен, айрым бир учурларда ошол ачыктык, тескерисинче “милициянын ичинде мыйзам бузуулар көбөйүп кеткендей” абалды пайда кылып жатат.

Милициянын кадыр-баркына доо кетирип, ар түрдүү коррупциялык учурларга аралашууну алдын алуу үчүн ички иштер органдарында жалпы ишеним телефондору иштей жатат. Азыркы учурда ички иштер органдарынын көпчүлүк кызматкерлери кылмыш же жарандарга мыйзамсыз иштерди жасаган болсо, анда аларга милициянын катарында орун жок экендигин жакшы түшүнүп калышты.

- Сиз жетекчи болуп келгенден кийин кадрларды алмаштыруу канчалык деңгээлде жүрүүдө? Дегеле кадрлардын сапаты канааттандырабы?

- Милициянын кадыр-баркын көтөрүүгө жана мага ишенип берилген коомдук тартипти сактоодо бардык тапшырмаларды так жана акыйкат аткарууга практикалык тажрыйбам, кызматтык принциптерим жана тутунган багытым жетиштүү. Биздин бирден-бир максат – элдин милицияга болгон ишенимин арттыруу. Милиция кызматкерлери элдин алдында кесипкөйлүк жана адамгерчилик жактан жогорку критерийлерге ээ болушу керек. Биз ички иштер органдарынын кызматтарында кызматтык тартипти бекемдөө менен кесиптик жана күжүрмөн даярдыкты үзгүлтүксүз жүргүзөбүз. Биздин милициянын биримдиктүү, натыйжалуу жана сапаттуу иши менен мамлекеттин туруктуулугу, адамдардын бейпилдиги, коомдук коопсуздук бекем сактала тургандыгын терең түшүнүшүбүз зарыл. Милициянын ишинин негизги көрсөткүчтөрүнүн бири – элдин милицияга болгон ишеними. Аны биз күжүрмөн жана мыйзам чегиндеги эмгегибиз менен көрсөтүшүбүз керек. Мен ишимди ИИМ башчысы катары жетекчилик курамды алмаштыруудан баштаган жокмун. Менин эки орун басарым жаңы дайындалышты, калган бардыгы өз ордуларында иштеп жатышат. Эгерде кимдир бирөөлөрдүн ишмердүүлүгүндө кемчиликтер болсо, биз аны коллегияда карайбыз. Кадрлардын сапатын, билимин жана кесиптик чеберчилигин арттыруу максатында биз аткара турган иштер жетиштүү. Биз милицияны каржылоого, техникалык жабдуусун жакшыртуу жана жаңы инновациялык мүмкүнчүлүктөрдү киргизүү багытында иштеп жатабыз.

- Төңкөрүштөр болгон сайын негизги административдик объект болгон Ак үй талкаланып, өрттөлүп кетет. Аны коргоого эмне үчүн дайыма эле милициянын күчү жетпей калат?

- Турмуш чындыгы ырастагандай, милициянын иш-аракети эч убакта жеңил болгон эмес. Өлкөбүздүн аймактарында туруктуулукту, тынчтыкты камсыз кылууда, түн уйкудан калып кызмат кылган милиция кызматкерлеринин мээнети зор. Башканы айтпаганда да, быйыл Кыргызстанда тарыхты жаңы баректан баштаган бир топ олуттуу кадамдар жасалды. Андай кырдаалдарда калктын коопсуздугун сактоо үчүн милиция кызматкерлери күнү-түнү кызмата болушту. Тартип сакчыларынын жалпы жамааты ар кандай чагымчыл аракеттерге бөгөт коюп, саясаттан алыс болуп, биринчи кезекте өз элибизге, мамлекетибизге ак кызмат кылып, элдин ишеничин актоодо турат. Милиция дайыма мамлекеттик системанын эң керектүү, эң күчтүү, эң зарыл тиреги болуп келген. Сиздин суроонузга кайрылсам, мамлекеттик деңгээлдеги негизги объекттерди кайтаруу күч түзүмдөрүнүн арасында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кызматтык милдеттерине карата бөлүштүрүлгөн. Ак үйдү кайтаруу КР УКМКнын бөлүктөрүнө жүктөлгөн. Ал эми милиция кызматкерлеринин алдында кылмыштуулук менен күрөшүү, коомдук тартипти жана жарандардын коопсуздугун камсыздоо тапшырмалары коюлган. Өлкөбүздө болуп өткөн окуяларда милиция өзүнө тапшырылган милдеттерди аткара алды, саясий толкундоолордо түзүлгөн кырдаалга милиция күнөөлүү эмес. Ал мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче кызматын аткарды, ушул эле Октябрь окуяларынын жүрүшүндө миңдеген кызматкерлер жабыркады, транспортторубуз талкаланды.

- Учурдагы мыйзамсыз бизнес бизнесине каршы күрөшүүнүн абалы тууралуу токтоло кетсеңиз, анткени бизнес бизнес алам алкагында негизги көйгөйлөрдүн бири болууда.

- Туура айтасыз, баңги бизнеске каршы күрөшүү олуттуу маселе. Баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы аракеттенүү коомдогу туруктуулукту камсыздоонун жана мамлекеттин ийгиликтүү өнүгүүсүнүн маанилүү фактору болуп эсептелет. 2020-жылдын 9 айында КР ички иштер органдары тарабынан алдын ала маалыматтар боюнча бардыгы болуп 884 баңгизаттар, психотроптук каражаттар менен прекурсорлор алынган.

ИИМ тарабынан өзгөчө ири өлчөмдөгү афган баңгизаттарынын контрабандасын аныктоого жана аны токтотууга багытталган жашыруун, ыкчам ыкмалар ийгиликтүү өткөрүлдү. Баңгизаттарды даярдоо лабораторияларын аныктоо боюнча операциялар өткөрүлүп, "гашиш” баңгилик каражаттарды даярдоо менен алектенген жарандардын кылмыштуу ишмердигине бөгөт коюлду. Алсак, 2020-жылдын февраль айында 87 кг 620 грамм гашиш жана 17 кг 780 грамм марихуана менен Жалал-Абад облусуна караштуу Токтогул шаарынын тургуну 1996-ж.т. Э. Б. кармалган.

2020-жылдын июнь айында Бишкек шаары жана Чүй облусу аймактарында апасы менен баласы алектенген 2 баңги лабораториясынын ишмердиги жокко чыгарылган, мыйзамсыз жүгүртүүдөн жалпы 22 кг 280 грамм кара куурай өсүмдүгү, 1 кг 765 грамм марихуана, 18 кг 400 грамм каннабис майы, өндүрүү үчүн чийки зат жана баңги заттарды колдонуу үчүн шаймандар алынган. 2020-жылдын 12-февралында КР ИИМдин “МАК-2020” операциясынын алкагында “Притон”, “Допинг”, “Переброс”, “Транзит” жана “Кара куурай” аталыштагы ыкчам алдын алуучу иш-чаралардын эки этабын өткөрдүк. Ушул эки этаптын жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан 70 баңги кылмышы аныкталды. Мыйзамсыз жүгүртүүдөн 175 кг 833 гр баңгизаттар алынган.

Учурда Баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү чөйрөсүндө чет мамлекеттик компетенттүү органдар (Орусия, Казакстан, Тажикстан, Өзбекстан, АКШ, ж.б) жана эл аралык уюмдар – Жамааттык коопсуздук келишим уюму, Шанхай кызматташтык уюму, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму, Бириккен Улуттар Уюмунун Баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы менен кызматташуулар ийгиликтүү улануууда.

- “Коопсуз шаар” долбоору боюнча салынып жаткан айыппулдар канча топтолду. Ал акчалар кайда жумшалууда?

- Кыргызстанда “Акылдуу шаар” долбоорунун “Коопсуз шаар” компонентин ишке ашыруу багытында 2019-жылдын 4-мартынан тарта Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун аймактарындагы бүгүнкү күнгө чейин иштеп жаткан (стационардык жана көчмө) аппараттык-программалык комплекстер (АПК) тарабынан жол кыймылынын эрежелерин бузуудан 1 млн 974 миң 988 токтом чыгарылган. Анын ичинен 1 млн 140 миң 951 токтомго 1 млрд 225 млн 675 миң 205 сом төлөнүп, ал 57,8%ды түзгөн.

Айыппул төлөнбөгөн учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте айыпты мажбурлап төлөтүү үчүн Сот департаментине жалпы суммасы 34 млн 443 миң сом, 15 миң 597 туумдар жөнүндө токтомдор жөнөтүлдү. Ал эми 10 миң 440 жаран мониторинг борборунун кызматкерлери тарабынан тийиштүү деңгээлде түшүнүк алышып, айыппул төлөшкөн.

Негизи “Коопсуз шаар” долбоору боюнча түшкөн бардык каражаттар Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин карамагына түшөт жана Кыргыз Өкмөтүнүн 2019-жылдагы токтомуна ылайык, мурда такталып макулдашылган тарифтердин негизинде тиешелүү багыттарга бөлүнүп берилет.

- Милициянын кайгуул кызматы башкармалыгына ачык конкурстук жол менен таза адамдар иштөөгө тартылды деп катуу жар салынды эле. Бирок, жакында ушул кызматка кирүү, кызматтык жогорулоолор үчүн пара алуу фактысы боюнча аталган башкармалыктын жетекчисинин орун басары кармалды. Андай болсо, бул реформа максатына жетпей калдыбы?

- Аталган кызматты түзүү өз убагында мамлекет жетекчилиги тарабынан демилгеленип, көзөмөлгө алынып, тиешелүү каражаттар бөлүнүп берилгендигин коомчулук жакшы билет. Эми мына ушул багыттагы пара алуу фактылары өкүнүчтүү көрүнүш. Ар бир мыйзам бузуу фактысы боюнча жоопкерчилик бар, азыр бул фактылар боюнча тергөө иш-чаралары жүрүүдө. Милициянын кайгуул кызматына токтоло кетсем, алардын ишмердүүлүгүндө ийгиликтер бар деп айта алам. 2020-жылдын 1-январынан 30-сентябрына чейинки аралыкта Бишкек ШИИББ боюнча милициянын кайгуул кызматы башкармалыгы тарабынан “102” кызматына түшкөн 45103 чакыруу тейленген. Бишкек ШИИББнын шаардык милиция бөлүмдөрүнө 12158 адам, “Коломто” үйүнө 1044 адам жеткирилген.

2020-жылдын 9 айында Бишкек шаарындагы коомдук жайларда жана көчөлөрдө жалпысынан 422 кылмыштын, 1691 жоруктун бети ачылган. Коомдук жайларда коомдук тартипти бузгандыгы үчүн Бузуулар боюнча 2174 протокол, жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо багытында 131086 протокол түзүлүп, айып токтотуучу жайга 16292 автоунаа киргизилген.

Учурда милициянын кайгуул кызматы Ош шаарында да ишмердүүлүгүн баштоо алдында турат, конкурстан өткөндөр окуп жатышат. Учурда конкурстук комиссиянын курамын дыкат иликтеп, тандап туруп дайындайлы деп жатабыз. Бул багытта реформалык өзгөрүштөр сөзсүз болот деп ишенем.

Сымбат МАКСУТОВА

ЖЕР ПАЙДАЛАНУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА («СУГАТ АЙДОО ЖЕРЛЕРИН ЖАРАКТУУ ЖЕРЛЕРДИН БАШКА КАТЕГОРИЯЛАРЫНА ЖАНА ТҮРЛӨРҮНӨ КОТОРУУГА (ТРАНСФОРМАЦИЯЛООГО) МОРАТОРИЙ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ», «ЖЕР УЧАСТОКТОРУН КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК КОДЕКСИНЕ) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2020-жылдын 4-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., №7, 767-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1-беренеде:

а) экинчи бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 13-пункт менен толукталсын:

«13) төмөнкүдөй жер участокторуна:

а) «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө», «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө киргенге чейин жеке турак үйлөр курулган;

б) айыл чарба өндүрүшүндө пайдалануу жараксыз же жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актылары бар.»;

б) бешинчи бөлүктө:

- биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Ушул берененин 2-бөлүгүнүн 12 жана 13-пункттары төмөнкүлөргө жайылтылбайт:»;

-4-пункт «ыйгарым укуктуу» деген сөздөрдөн мурда «сот,» деген сөз менен толукталсын.

2-берене

«Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., №7, 902-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

5-беренеде:

а) берененин аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын, алынбай калган пайданын жана инфратүзүмдүк камсыз кылууга чыгымдардын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөө»;

б) 5-берене төмөнкүдөй мазмундагы 4 жана 5-бөлүктөр менен толукталсын:

«4. Инфратүзүмдүк камсыз кылуу менен байланышкан чыгымдар «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө», «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө киргенге чейин которулган (трансформацияланган) жеке менчик жер участокторунун менчик ээсине жүктөлөт.

5. Ушул берененин 3 жана 4-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн инфратүзүмдүк камсыз кылуу менен байланышкан чыгымдардын ордун толтуруунун тартиби жана механизмдери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.».

3-берене

Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж., №2 (1), 79-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

207-беренеде:

а) берененин аталышы «ээлеп алуу» деген сөздөрдөн кийин «жана максаттуу багытын бузуу менен айыл чарба багытындагы жерлерге өзүм билемдик менен курулуш куруу» деген сөздөр менен толукталсын;

б) 1-бөлүктө:

-биринчи абзацы «коштолсо» деген сөздөн кийин «жана максаттуу багытын бузуу менен айыл чарба багытындагы жерлерге өзүм билемдик менен курулуш куруу» деген сөздөр менен толукталсын;

- экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.».

4-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- эки айлык мөөнөттө ушул Мыйзамдан келип чыккан чараларды көрсүн;

- өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдеттерин аткаруучу **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2020-жылдын 13-ноябры, №3

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ В СФЕРЕ ЗЕМЛЕПОЛЬЗОВАНИЯ (В ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ВВЕДЕНИИ МОРАТОРИЯ НА ПЕРЕВОД (ТРАНСФОРМАЦИЮ) ОРОШАЕМЫХ ЗЕМЕЛЬ ПАШНИ В ДРУГИЕ КАТЕГОРИИ ЗЕМЕЛЬ И ВИДЫ УГОДИЙ», «О ПЕРЕВОДЕ (ТРАНСФОРМАЦИИ) ЗЕМЕЛЬНЫХ УЧАСТКОВ», УГОЛОВНЫЙ КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ)

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 4 ноября 2020 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О введении моратория на перевод (трансформацию) орошаемых земель пашни в другие категории земель и виды угодий» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2009 г., №7, ст. 767) следующие изменения:

в статье 1:

а) часть вторую дополнить пунктом 13 следующего содержания:

«13) в земельные участки:

а) застроенные индивидуальными жилыми домами до вступления в силу Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики (в законы Кыргызской Республики «О введении моратория на перевод (трансформацию) орошаемых земель пашни в другие категории земель и виды угодий», «О переводе (трансформации) земельных участков»)»;

б) непригодные для использования в сельскохозяйственном производстве или имеющие государственные акты о праве частной собственности.»;

б) в части пятой:

- абзац первый изложить в следующей редакции:

«Пункты 12 и 13 части 2 настоящей статьи не распространяются на:»;

- пункт 4 после слова «решением» дополнить словом «судебных,».

Статья 2

Внести в Закон Кыргызской Республики «О переводе (трансформации) земельных участков» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2013 г., №7, ст. 902) следующие изменения:

в статье 5:

а) наименование статьи изложить в следующей редакции: «Выплата суммы стоимости возмещения потерь, упущенной выгоды сельскохозяйственного и лесохозяйственного производства и затрат на обеспечение инфраструктуры»;

б) статью 5 дополнить частями 4 и 5 следующего содержания:

«4. Затраты, связанные с обеспечением инфраструктуры, возлагаются на собственника переводимых (трансформируемых) частных земельных участков до вступления в силу Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики (в законы Кыргызской Республики «О введении моратория на перевод (трансформацию) орошаемых земель пашни в другие категории земель и виды угодий», «О переводе (трансформации) земельных участков»)».

5. Порядок и механизмы возмещения затрат, связанных с обеспечением инфраструктуры, указанных в частях 3 и 4 настоящей статьи, определяются Правительством Кыргызской Республики.».

Статья 3

Внести в Уголовный кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2017 г., №2 (2), ст. 79) следующие изменения:

в статье 207:

а) наименование статьи после слов «земельного участка» дополнить словами «и самовольное строительство на землях сельскохозяйственного назначения с нарушением целевого назначения»;

б) в части 1:

- абзац первый после слова «применения» дополнить словами «и самовольное строительство на землях сельскохозяйственного назначения с нарушением целевого назначения»;

- абзац второй изложить в следующей редакции:

«наказываются лишением свободы III категории.».

Статья 4

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Правительству Кыргызской Республики:

- в двухмесячный срок принять меры, вытекающие из настоящего Закона;

- привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

Исполняющий обязанности Президента Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 13 ноября 2020 года, №3

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК КООПСУЗДУК МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИНИН ЧЕК АРА КЫЗМАТЫН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Мамлекеттик чек араны коргоо системасын өркүндөтүү, эл аралык бандалык түзүмдөрдүн кирип келүү коркунучуна каршы аракеттенүү, чектеш мамлекеттерден Кыргыз Республикасынын аймагына жүктөрдүн жана товарлардын, баңгизат каражаттарынын жана куралдын мыйзамсыз алып келинишине каршы күрөшүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын функцияларын оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10, 17 жана 25-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын базасында жайгашкан жери Бишкек шаары болгон Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы түзүлсүн.

2. Төмөнкүлөр белгиленсин:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын укугун мурастоочу болуп саналаары;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын директору Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасынын биринчи орун басары болуп саналаары.

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды өзгөртүү боюнча сунуштарды бир айлык мөөнөттө киргизсин;

- ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн жана өз чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 12-ноябры, №548

Ар бир жарандын үнү угулууга тийиш

Баш мыйзамга өзгөртүү киргизүү маселеси бышып жетилдиби?

Парламенттик шайлоо күнү келе жаткан 2021-жылдын 1-июнуна чейин аныкталмай болду. Ага чейин Конституциялык реформа жүргүзүү чечими кабыл алынды. Баш мыйзам 27 жылдык тарыхында тогуз ирет өзгөргөн. 1994-жылы туңгуч Президент А.Акаевдин убагында алгачкы жолу өзгөртүү башталып, кийинки келген президенттер да өз бийликтерин бекемдөө үчүн анын жолун улантып келишти. Мунун натыйжалары революциялар менен бүткөнү эч кимге жашыруун эмес. Бул жолу да Конституциялык реформа өткөрүүнүн зарылдыгы канчалык? Саясат таануучу Жолборс Жоробеков Баш мыйзамды өзгөртүү керектиги эчак бышылып жеткен маселе болчу дейт. Алар 2017-жылы эле Баш мыйзамга өзгөртүү зарылдыгы тууралуу ошол кездеги Президент Сооронбай Жээнбековго жазуу түрүндө кайрылышкан. Эми жети өлчөп, бир кесүү менен буга олуттуу мамиле кылуу керектигин белгилеп, "Эл-журттун да оюн угуш керек. Айрыкча өмүр бою бул боюнча илим жактап, китеп жазган профессорлор, күн сайын жүз жолу баш мыйзамга кайрылган абройлуу мурдагы спикерлер, көрүнүктүү саясатчылар, окумуштуулар, юристтерден турган Конституциялык кеңешме түзүү керек. Эң аз дегенде үч ай, эң көп болсо алты, сегиз ай талкууга салып, кынтыксыз кылып биротоло жазылышы зарыл", – дейт.

Кыргызстан Орто Азия мамлекеттеринин арасынан биринчилерден болуп парламенттик башкаруу системасына өткөн демократиялуу өлкө катары айтылып келе жатат. Бирок, бийлик дале президенттин колунда деген пикирлер арбын. Кайсыл президент болбосун бийликтин баарын өз колуна топтоп алды деген кине менен ага импичмент жарыялоо маселесин көтөргөндөр да болуп келген.

Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Садыр Жапаров Конституцияны реформалоо менен бирге башкаруу системасын өзгөртүү керек экендигин ачык айтып келе жатат. Анын себебин, мыйзамсыздыкка жана жемкорлукка каршы күрөшүү кыйын болуп жаткандыгы менен түшүндүрдү. Бирок, Садыр Жапаровдун президенттик башкаруу системасына өтүү ниетине кайчы пикирлер да айтылууда. Айрым саясат талдоочулар президенттик башкарууга кайтууну кайра артка кадам таштоо катары баалашууда.

Бул тууралуу профессор Жолборс Жоробеков: "Артка кайтуу дүйнөдө жок. Жаманбы-жакшыбы партиялык система менталитетибизге туура келет. Бир мандаттуу шайлоодо кокту-колот, уруу-уруу болуп бөлүнүп-жарылып кала турган болгондо партиялык система жакшы экен деп келбедикпи. Биздин тандаган жолубуз туура экендигин коңшу өлкөлөрдүн акырындап ушул системага өтүп жатышкандыгынан көрсөк болот. Бүгүн парламенттик башкарууга өтүп, эртең гүлдөп кетти деген жок. Канткен күндө да артка кайтууга болбойт", - дейт. Ансыз да дүйнө коомчулугу бизди кабыл албай, тааныбай жаткан мезгилде этият мамиле кылуу зарылдыгын да эскертип кетти. Ал ошону менен катар партиялык системанын кемчиликтерин да жашырбайт. Маселен, партиялык лидерлердин өзүм билемдигин сыяктуу бир топ алешемдиктерин жоюунун жолдору бар экендигин белгилеп өттү.

Коомчулук арасында 1993-жылкы Конституцияга кайтуу талабын көтөрүп жатышкандар да жок эмес. Алардын бири мурдагы "легендарлуу парламенттин" депутаты Бегиш Ааматов: "Конституциялык реформа кылуунун кажети жоктугун, Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийинки эң алгачкы кабыл алынган Баш мыйзамды кайра ордуна коюу эле жетиштүү деген принципти карманат. Аны артка кайтаруу менен жыйырма алты жылдан бери таланып-тонолуп келген алтын кендер, мамлекеттик ишканалар жана мүлктөр өз ордуна коюлуп, жепичкендердин бири калбай жоопкерчиликке тартылаар эле", - дейт.

Ал эми Жогорку Кеңештин депутаты Дастан Бекешев Баш мыйзамды өзгөртүүдө саясий кызыкчылыктарды гана ойлонбостон, элдин жашоотурмушун жакшы нукка буруу тууралуу сунуштарды киргизүү күн тартибинде турган башкы маселелердин бири экендигин билдирди.

- "Жеке менчикти да коргоо жөнүндөгү сунуштарды айтат элем. Маселен, өлкөдө саясий өзгөрүү болуп кетсе, кээде инвесторлордун, ишкерлердин ишканаларын тартып алуу коркунучу дайыма турат. Ошол үчүн Конституцияга ар бир жаран өзүнүн жеке менчигин ар кандай ыкма менен коргоого укуктуу деп тагыраак жазса болот эле", - дейт.

Ошондой эле Дастан Бекешев Баш мыйзамды өзгөртүү маселеси бүгүн эле чыга калган жоктугун, бирок аны Жогорку Кеңештин 7-чакырылышынын депутаттары кылса мыйзамдуу болмок деген пикирде. Анткени, бүтүндөй эл аралык коомчулук да Кыргызстандын бийлик бутактарынын легитимдүүлүгүнө күмөн санабайт эле дейт.

Ушул учурда Конституциянын жаңы долбоорунун үстүндө атайын эксперттик топ иштеп жаткандыгы айтылууда. Бирок, "конституциянын атасы" аталган депутат Өмүрбек Текебаев бул тууралуу маалыматы жок экендигин билдирди. Эң негизгиси аны ким аркылуу, кандай максатта түзүлөөрү маанилүү. Эгерде алдын ала чыгарылган чечимге мөөр басып, бата берген орган болсо ага кошулуштун кереги жок деп эсептейт.

Президенттин милдетин аткаруучунун басма сөз катчысы Галина Байтерек Конституциянын бирдиктүү долбоорун иштеп чыгууда элдин талабынын негизинде сөзсүз түрдө Конституциялык кеңешме түзүлөөрүн билдирди.

Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Садыр Жапаров болсо, Конституциянын долбоорун иштеп чыгууда ар бир жарандын сунушу эске алынаарын айтты. Бүтүндөй бир мамлекеттин тагдырын өзгөртүү үчүн олуттуу чечим кабыл алынаар учурда ар бир адамдын үнү угулууга тийиш. Жалпы эл электен өткөрүп, талаш-тартыш, кызуу талкуудан өткөн Баш мыйзам гана толук бышып жетилет. Болбосо, чийки май сугунгандай коомчулуктун арасында ар кандай нааразычылыктар туула бериши толук мүмкүн.

Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Жаштарды өстүрөлү

БИЙЛИККЕ ЖАШТАР КЕЛСЕ ЭМНЕ БОЛОТ?

Ар бир доор жаңы мүндүн алдына жаңы тапшырманы коёт. Ошон үчүн кыргыз журтунун оптимисттик маанайдагы атактуу акыны Нурмолдо "Кандай заманда жашап жатканыңды бил да, заманга жараша аракет кыл. Антпесең заман сенин жүрөгүңө кагылган казык болот" деп айткан. Бирок, бул насаатты аткарыш оңой иш эмес. Анткени "Дөңгөлөктөй чимирилип айланган өзгөрүлмө дүйнөнүн" ылдамдыгын, темпин кармап туруш кажыбаган эмгекти гана эмес, ченемсиз материалдык каражатты да талап кылат. Мисалга алсак, 1917-жылдын Октябрь революциясынан кийинки 20 жылдын аралыгында Кыргызстандагы билим, илим, өндүрүш, маданият тармактары болуп көрбөгөндөй өсүп, Союз кыйраганга чейин ушул жолдо болгон. Бирок, бул иштин өтөөсүнө чыгыш үчүн СССР деген кубаттуу мамлекет Кыргызстан үчүн жүздөгөн миллиард каражат сарптаган. Улуу держава жана орус тили кыргыз элинин дүркүрөп өнүгүүсүндө зор роль ойногон. Биз ушуну моюнга алышыбыз керек.

Кийин эмне болду? Кубаттуу СССР деген держава өзгөрүлгөн дүйнөлүк тенденцияга туруштук бере албай, идеологиянын басымында, изоляцияда калып, жаңы илимий ачылыштарга байланышкан заманбап технологияны өздөштүрө албай кулап түштү. Ал кандай тенденция эле? Өткөн кылымдын 60-жылдарынан баштап дүйнөлүк аренада англис тилинин үстөмдүгү жаралып, бул тил эл аралык кызматташуунун, баарлашуунун кызматын аткара баштады. Дүйнөдөгү радиоберүүнүн, телефон байланышынын, почта, телеграф түйүнүнүн 70%дан ашууну ушул тилде болуп, артта калган өлкөлөр эмес, Германия, Швеция, Норвегия, Дания өңдүү өнүккөн өлкөлөр да бул тилди үйрөнүүгө киришкен. Учурда аталган өлкөлөрдүн калкынын 70-80%ы англис тилин билишет. Биздин саясатчылардын эки сөзүнүн бири Сингапур, Тайвань, Гонконг, Малайзия, Бириккен Араб Эмираттары... Алардын экономикасынын дүркүрөп өсүшү. А деп айткан соң Б деп да айтыш керек. Бул өлкөлөрдүн өнүгүүсүндө англис тилинин ролу эбегейсиз болду. Биздин саясатчылар аны айтпайт же билбейт. А тургай, мисал катары көргөн Кытайда да бул тилди үйрөнүүгө жылына 10 млрд доллардан ашык каражат коротуп, дүйнөдөгү мыкты педагогдорду тартып келип, аларга жогорку маяна төлөп, шарт түзүп, аны менен бирге эле мектеп балдарын күнүнө 10-15 сааттан окутуп жатканын биздин чиновниктер билбесе керек. Ошондуктан, өнүгүү заманбап илим-билимдин негизинде гана болушун эске албасак, биздеги бардык каалоо, амбиция жана революциялардын жыйынтыгы куру сөз гана болуп калышы мүмкүн.

Бул багытта кандай иштер жүрүп жатат? Статистикалык маалыматты карасак, англис тилин биздин калктын 30 миңдей адамы гана билет. Бул жалпы элдин 0,5%ы. Өлкөдө 500гө жакын тил курстары, андан сырткары 2000ден ашуун мектеп, 50дөн ашык ЖОЖдор бар. Окутуп эле жатышат, бирок жыйынтык жок. Бул биздеги билим берүү тармагы эбак эле бизнеске айланып, жыйынтыгына эч ким көңүл бурбай калгандыгын билдирет. Ошол эле коңшу Казакстанда жагдай таптакыр башка. Айрым министрлер англис тилин жакшы өздөштүргөн. Англис тилин билүү деңгээлин сыпаттаган эл аралык TOEFL, IELTS, Кембридждик экзамен деген стандарттар бар. Алардын күбөлүгү дүйнө жүзү боюнча таанылып, каалаган өлкөгө барып, окуп, иштөөгө мүмкүнчүлүк берет. Тилекке каршы, андай күбөлүктүн ээлери Кыргызстанда саналуу. Ырас бул экзамендерге даярдануу кымбат турат жана жылдарды талап кылат. Алсак, ушул талапка жооп берген Бишкектеги Oxford School, QCI өңдүү эл аралык мектептердин жылдык төлөм баасы 10000-20000 долларды тегерегин түзөт. Андай каражатты калктын 99,9%ы көтөрө албайт. Бул деген азыркы биздин абал "Артка кетсе араба сынат, алдыга жылса ат өлөт" деген акыбалда экендигин билдирет. Илимий термин менен алганда, жогору жактагылар (жашы улгайгандар) башкара албай, ылдый жактагылар (жаштар) мындай жашоону каалабай калган. Бирок бул нерсени механикалык түрдө алмаштыргандан бир нерсе чечилеби? Жаштарда идея, бийлик дегенден башка бир ой барбы? Куру лозунг менен куру дымак эмнени берет? Мурдагы эки революция, андан кийинки жашоо эмне болду? Бийиктик турат, ага жетүүгө каалоо бар, бирок шайман жок. Шайман деп каражат гана эмес, андан кем турбаган, заман талабына жооп берген кыргызча-англисче жазылган окуу куралдарын айтабыз. Бизде андай китептер дээрлик жок, адис-эксперттердин таңкыстыгын айтпай эле коёлу. Бул жаштарды айласыз абалга алып келди. Жакынкы окуялардан кийин "жаштарга жол" деген ураан айтыла баштады. Мейли, жаштарга жол бошотолу. Бирок, жол бошотоордон мурда аларды "күзгүдөн өзүнөрдү карап алгыла, заман талабына жооп бересиңерби?" деп айтсак болобу? Ал үчүн алыска барыштын деле кереги жок. Бишкек, Ошто Индия, Пакистан, Непалдан келген жөнөкөй калктын балдары окушат. Жалпы жаштар эмес, алардын лидеримин деп жүргөндөрдүн билим деңгээлин ошолор менен салыштыралычы. Көз карандысыз эксперттерди ортого коюп, жыйынтыгын чыгаралы. Азыркы дүйнөдө билимдүү дегендин биринчи эле баскычы англис тилин билүүдөн башталат. Кандай деп ойлойсуңар? Бул жерде ким утат? Ушул жыйынтык менен бийликке барам, эл башкарам деген талаптын өзү алардын төбө чачын тик тургузуп жибериши мүмкүн.

Ырас, кыргыз эли кылымдарды багынткан баатыр, намыстуу эл. Аны эч ким танбайт. Өткөн замандагы Европалык карталарды карасаң, кыргыз деген калк Урал, Сибирь, Алтай, Орто Азия чөлкөмдөрүндө жайнап эле жүрөт. Араб, перс, кытай, орус тарыхый булактарында кыргыз туурасында сансыз материалдар бар. Бирок заман өзгөрдү. Азыр эмоция, кара күчкө таянып, үстөмдүк менен иш кылуунун заманы эмес. Учур илим-билимдин, Хай-тек деген технологиянын, инсандын көз карашын урматтаган жана баалаган деген терең маданияттын заманы. Чындык төмөндөгүдөй: кандай болсок да биз азыр кыргыз тарыхында биринчи жолу дүйнөлүк өлкөлөрдүн катарына кирдик жана дүйнөлүк мамиленин субъектиси болдук. Демек, башка эл, мамлекеттер менен тең тайлашыш үчүн дүйнөлүк алкактагы стандартка, сапатка умтулушубуз абзел. Ошондо гана бизге болгон сый-урмат күчөп, башкалар бизди түшүнүп, баа беришет. Биз алар менен тең ата мамиле күтө алабыз. Бул жеңил иш эмес. Бирок, акыл калчасак, оор да эмес. Мындай күн башына түшкөндө, андан эл кантип чыгып кеткендиги тууралуу карт тарыхта мисалдар көп.

Башканы айтпай, согуштан кийин толук кыйрап калган Германия, Жапонияны алалы. Бул мамлекеттер абалдан чыгыш үчүн эмне кылышкан? Жер-жерлерден зирек, акылы тунук балдарды тандап алып, аларга көңүл буруп, камкордукка алып, шарт түзүп, кадр тандоо маселесине абдан аяр мамиле жасап, жыйынтыгында тез эле бутка турган. Кыргызстан деле ушундай ыкманы колдонсо болот. "Биздики миңге, миндики бирге", – дейт. Эгер жакшылап издесек, кудай кыргыз элин да куружалак калтырбаса керек. "Өз өлтүрбөйт, жат жарытпайт" деген психологиянын чегинде жүрө берсек, кайнап чыккан сүткө окшоп, убак-убактысы менен коом көбүрүп-жабырып, жалпы калктын дарамети, энергиясы азая берет. Бул биздей чакан эл, мамлекет үчүн коркунучтуу...

Гүлжан АБЫТОВА

■ Керектүү кызмат

АР БИР АДАМ “ТЕЗ ЖАРДАМГА” МУКТАЖ БОЛУШУ МҮМКҮН

Кыргызстанды пандемия каптаган учурда “Тез жардам” кызматы бизге канчалык керектүү экендиги билинди. Чакырууларга бир жарым күндө баргандарын кызматкерлер өздөрү деле танбайт. Буга себеп аталган кызматта врачтардын жетишпегендиги. Деги эле “Тез жардам” кызматы Бишкек шаарын толук камсыздай алабы? “Тез медицина” борборунун мүдүрүнүн ыкчам иштер боюнча орун басары Болотбек Абдылдаев төмөнкүлөргө токтолду:

- “Тез жардам” борборунда күнүнө 38 бригада иштейт. Биз отурган имарат Бишкек мэриясына, ал эми борбор Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу. Эң биринчи айта кетүүчү жагдай - 38 бригадага врачтар жетишпейт. Врачтардын жетишпегендигине байланыштуу ушул маалда 33-34 бригада чыгып иштеп жатат. Себеби, айлык маянанын аздыгы. Мисалга, бир врачтын айлыгы 5 миң сом болсо, түнкүсүн иштегендигине, майрамдарда эмгектенгенине, мындан сырткары биздин кызмат Бишкек шаарын камсыздагандыктан, мэрия тараптан 4 миң сом кошумча төлөнүп отуруп 12-13 миң сомго жетпеген айлык колго тиет. Врачтар келет, үйрөнүшөт, айлык акы аз болгондуктан кетип калышат. “Тез жардам” бат келүүсү үчүн 10 миң кишиге бирден “Тез жардам” машинасы каралган. “Тез жардам” көрсөтүү Бишкек шаарын толук камтыш үчүн 120 машина керек. Учурда болгону 38 гана машинанын үчтөн бир бөлүгү гана иштеп жатат. “Тез жардам” машиналарын, врачтарды көбөйтүү чынын айтканда биздин колдон келбейт. Эң биринчи кезекте айлык маянаны көбөйткөндө гана врачтар өздөрү эле тартыла баштайт. “Тез жардам” машиналарыбыз четинен жаңырып, жумушчу формаларыбыз убагында камсыздалып жатат. Биздин эң негизги чечилбеген маселебиз - врачтардын айлык маянасынын аздыгы. Калганынын бардыгы жетиштүү. Жаштар окууну бүтүп келет дагы ашып кетсе жарым жыл иштеп, тажрыйба топтогондон кийин жеке “Тез жардам” кызматтарына кетип калып жатышат. Анткени алар күнүнө жок дегенде 1500-2000 сомдон төлөп беришет. Мисалы, ушул маалда ооруканаларда, “Кызыл аймакта” иштеп жаткан врачтарга кошумча акы төлөнүп, айлык акысы дагы жүрүүдө. Бирок, бизге андай кошумча төлөмдөр каралган эмес. Менин оюмча “Тез жардам” кызматы дагы “Кызыл аймак” болуп эсептелет. Анткени, биздин кызматкерлер ооруган адамдардын үйүнө чейин кирип, биринчи жардам көрсөтүп, ооруканага алып барыш керек болсо, ооруканага алып барып жатат. Бул эске алыныш керек го деп ойлойм.

- Учурда Республикалык штаб күндөн-күнгө COVID-19 жана пневмония менен ооругандардын саны өсүп бара жаткандыгын кабарлоодо. Учурда “Тез жардам” кызматын чакыруу кандай болуп жатат?

- Пандемия менен азыркы учурду салыштырсак жай турмуш күндөрү күнүнө 400-500 чакыруу келип түшөт. Пандемия учурунда вирус жуктургандар, пневмония менен жабыркагандар кескин түрдө көбөйүп, бир күндө 1500-2000ге чейин чакыруу түшүп жатты. Чакыруулардын бардыгына барып жардам бергенге үлгүрбөй, жетишпей, эртеси күнү барганга аргасыз болдук. Учурда ишибиз өз нугу менен жүрүүдө. Өнөкөт ооруларга канча чакыруу түшсө азыр деле абал ошондой. Күз айларында аба ырайынын суук болуп калгандыгына байланыштуу көбүнчө дене табы көтөрүлгөндөр, өнөкөт оорулар менен жабыркагандар, кан басымы көтөрүлгөндөр, жүрөгү ооруган адамдар чакырат. Мурда бизди инсульт, инфаркт оорулары - бул жашы өткөн адамдардын оорусу деп окуткан. Азыр оорунун баары жашарып келе жатат. Акыркы учурларда пневмония менен жабыркагандардын саны күндөн-күнгө өсүп жатат. Коронавирус менен жабыркагандар пандемиядан кийин азайып калган, бирден, экиден болуп отуруп күнүнө 10дон ашып кетет. Кичинекей балдарда да оору көбөйүп жатат деген маалыматтар бар. Чынын айтканда, мурда ооруп келген сасык тумоо ооорусунан кутулган жокпуз да. Күз келди – сасык тумоо бар. Эл азыр коркуп калган, дене табы көтөрүлүп, сасык тумоо менен ооруп калса деле вирус жугуп ооруп калдым деп чакырып жатат. Сактанганыбыздын бир жагы жакшы. Экинчи толкун Европа мамлекеттеринде кандай болуп жатканын көрүүдөбүз. Ошол бизге кайталанып келиши мүмкүн. Азыр оору көбөйүп жатат десе болбой той-аш бергендер көп. Биринебири жугузганын өздөрү байкабай калып жатат. Беткап тагынгыла десе эч ким уккан жок. Көчөдө, коомдук транспортто саналуу гана адамдар беткап тагынбаса, көбүндө байкалбайт.

Ушул эле борбордо Ыкчам чакыруу бөлүмүнүн улук врачы Салтанат МАМАТОВА Бишкек шаарындагы “Тез жардам” кызматына канча чакыруу түшүп, волонтёрлор дагы жардам берип жаткандыгына токтолду:

- “Бир күндө 1000ден ашык телефондук кайрылуу келип түшөт. Кайрылуунун 400үнө “Тез жардам” бригадалары барат. 300дөн ашык чалууга биринчи жардам көрсөтүү боюнча кеңештерди бергенге аракет кылабыз. Учурда азыркы эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу дене табы көтөрүлүп, жөтөл менен көп кайрылуулар болуп жатат. 100 пайыз кайрылуу келип түшө турган болсо, 60 пайызы ооруканага жаткырылат. Бизге азыр волонтёрлор жардам берип жатат. Кайсы жактарга дем алуучу аппараттар керек боло турган болсо, ошолорго барып биринчи жардамды көрсөтүүдө. Мындан сырткары, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу кайрылуу түшкөн үйгө барып, кандай дарылоо керектиги туурасында кеңеш берүүдө. Мурдагыдай эле жүрөк оорусу барлар, кан басымы көтөрүлүп кеткендер көп чалып чакырышат. Ал эми кечкисин жаш балдар арасында дене табы көтөрүлүү, ич өтүү сыяктуу кайрылуу көп болот. Учурдагы кайрылуулардын 30 пайызы – аба жетпей жатат деп чакыргандар. Аларга колдон келишинче биринчи бош бригадаларды жибергенге аракет кылабыз. Жогоруда айтып өткөндөй волонтёрлорго кабар беребиз. Алар “Тез жардам” кызматы барганга чейин биринчи жардамдарды көрсөтүшөт. Күн санап COVID-19 менен пневмония күчөп жаткандыгына байланыштуу чалуулар көбөйүп жатат. Пандемия учурундагыдай абал оор деп айта албайм. Азыр эл билип калды. Тез арадын ичинде Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна кайрылышып, биринчи жардамды алууда. Ошондой эле бейтапканалардын врачтары убагы менен иштеп жардам берүүдө”.

Айнура ШАЙКЕЕВА

■ Билим берүү жана илим министри менен Башкы прокурорго кулак кагыш

ЖЕТЕКЧИНИ КИМ ТАРТИПКЕ ЧАКЫРАТ?

Ноябрдын башында Ысык-Көл районунун мектеп мугалимдери, бала бакча кызматкерлери Ысык-Көл районунун мамадминистрациясынын алдына чыгып, мурда иштеп жүрүп “пара алуу”, “үстөмдүк кылуу” деген беренелер менен кызматтан четтетилген Дамира Абированын кайрадан жумуш ордуна чыкканына нааразы болушуп, митинг уюштурушкан эле. Анда Бостери айылындагы Хасан Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин директору Жаныш Сулайманов: “Биз Дамира Абированын жетекчилиги алдында көп жыл иштедик. Ал көпчүлүк учурда комиссия келээрин айтып, акча чогултуп алчу. Биз унчукпастан ал өтүнүчүн аткарып жүрдүк, бирок мындай улана бербеши керек. Себеби биз тажагандыктан арыз жазып, сотко чейин барганбыз. Бостери айылдык мектеп-лицейи Кыргызстанда биринчилерден болуп ысык тамак долбооруна кирген. Анда Дамира Абирова тендер менен килосу 10 сомдук картошканы 25 сомдон алган, аны сотто далилдеп бердик. 10 жылдан бери тендерден өзү жакын болгон бир гана фирма утуп келет, бул акыйкатсыздык”, - деген эле.

Ишинде кеткен кемчилиги үчүн соттон-сотко иши өтүп, кызматтан кеткен адам Билим берүү жана илим министрлиги Ысык-Көл райондук билим берүү бөлүмүнө башка адамды же Света Матановды дайындаганын тоготпой, аны кабинетке киргизбей, ачкычын бербей өзү отуруп алганы жөнүндө кабар биздин редакцияга кечээ келди. Жаңы дайындалган райондук билим берүү бөлүмүнүн жетекчиси ушул күндөрү өзү дайындалган орунга отура албай жүргөнү айтылууда.

Көп жылдан бери Ысык-Көл районунун мектептеринин мугалимдери райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Дамира Абированын кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланаарын айтып, көп жерлерге даттанып келишкен. Ал тургай анын “райондогу 25 мектептин директору кылып кимди коём, кимди алам өзүм билем”, - деген өктөм сөзү бар эле. Дамира Абирова көп жылдык билим берүү тармагындагы ишинде аброй албай эле, жаманаттыланып келатат. Ал боюнча көп сөздөр бар. Эми жаңы дайындалган адамга ордун бербей, ага үстөмдүк кылып, уят-сыйытты жыйыштырып койгонуна жол болсун.

Дамира Абированын дарегине айтылып келаткан терс иштердин учун чубай берсек өтө көп сөз болот. Жакында эле ал кабинетине барган журналисттерди да кууп чыкканга жетишти. Мынчалык өзүм билемдикке, тарбиясыз иштерге барып жаткан мурдагы райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысын ким тартипке чакырат?

■ Жакшы саамалык

БАЛА БАКЧАНЫ КАЙРА КАЙТАРУУ ИШИ БАШТАЛДЫ

КР Конституциясында белгиленген ар бир баланын билим алууга болгон укуктарын камсыз кылуу максатында Бишкек шаарында мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин таңкыстыгы орун алгандыгына байланыштуу Бишкек шаарынын Свердлов районунун прокуратурасы тарабынан текшерүү жүргүзүлүп, Бишкек шаарында жайгашкан бала бакчанын имараты 0,6 га жер участогу менен мыйзамсыз жеке менчикке өтүп кеткендиги аныкталды.

Тактап айтканда, Бишкек шаарынын мэриясынын жана «Кыргыз керек-жарак» коомдук-чарбалык уюмунун кызмат адамдары мамлекеттин кызыкчылыгына каршы кызмат абалдарынан кыянаттык менен пайдаланышып, мурдагы бала бакчанын имаратын чет өлкөлүк жаранга, «Имфико» ЖАКга сатып, ага тиешелүү болгон 0,6 га өлчөмүндөгү жер участогун бекитип беришкен. Андан соң ал багыты коммерциялык ишмердүүлүк жүргүзүү үчүн мыйзамсыз өзгөртүлгөндүгү аныкталган.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен 2020-жылдын ноябрында топтолгон материалдар КР ЖПКнын 149-беренесине ылайык КЖБРге каттоого алынып, социалдык имаратты мамлекеттин пайдасына кайтаруу максатында райондук прокуратура тарабынан сот органдарына доо арыздар келтирилди.

Белгилеп кетүүчү жагдай, жогорудагы аталган жер участогунун базар баасы 199,2 миллион сомду түзөт.

Сымбат МАКСУТОВА

Окурман сунуш кылат

ӨНҮГҮҮГӨ АЛЫП БАРУУЧУ КАДАМДАР

Көз карандысыздыктын 29-жылын майрамдадык. Ошол кезде төрөлгөн перзент эл башкара турган куракка келсе да мамлекетти башкарууну ары тартып, бери тартып келдик. Натыйжада сөз көп, жыйын көп, бирок жыйынтык жок. Кайдыгерлик, ойлонбостук, көз жумуп коюу, коррупция, “бармак басты, көз кысты” болуп, ушул абалга келдик окшойт. Ошондуктан, “эки тизгин, бир чылбыр” дегендей Президенттик гана бийликти калтырып, ал бийликке өкмөттүн ыйгарым укуктарын берүү зарылдыгы бышып жетилди көрүнөт. Андыктан, мамлекеттик башкаруу системасын реформалоо, башкача айтканда, өнүгүүнүн өзгөчө моделине өтүү жана жаңы саясий, экономикалык саясат жүргүзүү зарыл.

Эң алгач кадр саясатына токтолоюн. Мамлекеттик системадагы кандай гана мамлекеттик кызмат орун болбосун тандоо боюнча минималдык талап коюлуп (жогорку билимдүүлүгү, мамлекеттик системадагы иш тажрыйбасы, мөөнөтү, жаш курагы, ж.б.у.с. эске алынып), “чүчүкулак” кармоо ыкмасы менен кызматка келтирүү-дайындоо зарылдыгы келди окшойт. Бул мамлекеттик кызмат системасындагы чечилбеген, өзгөчө көйгөй жараткан кадр тандоо, коррупция, люстрация, трайбализм, гендердик сыяктуу маселелерди чечип, адилеттүүлүккө орун бермек. Кадрларды “чүчүкулак” кармоо ыкмасы менен кызматка өткөрүүнү ошол ишкананын жамаатына, атайын түзүлгөн комиссияга жана кесиптик кошуунуна тапшыруу ылайыктуу.

Экинчи - экономика тармагы. Мамлекеттик мүлктөр менчиктештирүүнүн кесепети менен сатылып, дээрлик жок кылынып, өлкөбүз жайдак абалга кептелди. Андыктан “кайра курууга” барып, “индустриалдаштыруу” дегендей, өнөр жайга өзгөчө көңүл бурулуп, элди иш орундары менен камсыздап, башкача айтканда, ачык акционердик коом формасындагы мамлекеттик өндүрүштүк ишканаларды ачып, бүгүнкү күндө иштеп же иштебей турган кандай гана мамлекеттик ишкана болбосун аларды өзүн-өзү каржылаган чарбалык эсепке жана жамааттык менчик-башкарууга өткөрүп берүү керек. Ал ишкананын ички ишмердүүлүгүнө, чарбалык, экономикалык, кадр тандоо саясатына мамлекеттин аралашпоосу шарты менен берүү зарыл.

Өнөр жайды өнүктүрүүнү ар бир район, шаарларда мамлекеттик, менчик өндүрүш ишканаларды ачуу менен жолго салуу зарыл. Өнөр жайга, IT технологияга, ар кандай ойлоп табуучуларга өзгөчө көңүл бурулуп, өлкөнү пландуу өнүктүрүүгө өткөрүү абзел. Андыктан, Президенттин жана райадминистрациялардын, шаардык мэриялардын алдында Экономикалык кеңеш түзүлүшү абзел.

Өнөр жай ишканаларын курууга каражатты ички инвестициядан тартуу керек. Тактап айтканда, экономикага инвестиция тартуунун бир жолу экономиканын рычагдары болгон баалуу кагаздар: вексель, облигация аркылуу ишке ашыруу. Коомчулукка түшүндүрүп, өтүнүү, сунуштоо, чакыруу, үгүттөө жолдору аркылуу жарандардан, ишкерлерден, ар кандай мекеме-ишканалардан, финансы-кредиттик уюмдардан, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин (ар кандай социалдык курулуштарга каралган чыгашаларды убактылуу токтотуп) эсебинен чогултууга болот.

Ошондой эле, мамлекеттик кепилдик менен чет өлкөдөгү ар кандай завод, фабрикалардын бөлүмдөрүн республиканын ар бир район, шаарларынын аймагында ачуу жолу менен да инвестицияны тартуу жагын да кароо зарыл.

Үчүнчү - коргоо тармагы. Аскерде кызмат өтөөнү эки жылдыкка өткөрүп, армияны өзүн өзү бакканга, атүгүл, өлкө казынасына киреше алып келүүчү тармакка айландыруу керек. Анткени, армия өзүнчө бир чоң күч. Ал күчтү туура пайдалануу керек. Андыктан, коргоо тармагында курулуш батальондорун түзүп, аскер кыска аралыкта басканды, атканды, ж. б. машыгууларды үйрөнгөн соң, ошол курулуш батальондорунда же өзгөчө кырдаал министрлигинин катарында кызмат өтөө маселесин каroo шарт.

Ошондуктан, республикабыздын өсүп-өнүгүүсүн, коопсуздугун, бүтүндүгүн камсыздоону жана коррупция менен күрөшүү иш-аракеттеринин аткарылуусун түздөн-түз Президент өзү көзөмөлдөгөн жаңы мыйзам кабыл алуу убактысы келди көрүнөт.

Абдимырза ОРОЗОВ

Мыйзам аткаруу үчүн жазылат

КЕРЕКТӨӨЧҮ КАТАРЫ УКУГУҢУЗДУ БИЛЕСИЗБИ

ЖЕ САПАТСЫЗ ТОВАР САТЫП АЛГАНДА КАЙДА КАЙРЫЛУУ КЕРЕК?

Өтүп бара жаткан аптада Кыргызстанда адам укуктарын коргоо боюнча салттуу бир айлык жарыяланды. Андыктан биз бул айлыктын алкагында керектөөчүлөрдүн укугу тууралуу сөз кылууну чечтик. Кыргызстанда “Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы тээ 1997-жылы эле кабыл алынган. Бирок, укук коргоочулар бул мыйзамдын такыр эле иштебей тургандыгын айтып келишет. Биз, керектөөчүлөр, сатып алуучулар өз укуктарыбызды билебизби? Укук бузулганда кайсыл органга кайрылуу керек? Сатып алган товардын сапаты начар болсо, акчасын кантип кайтарып алабыз?, – деген суроолорго жооптуу көп издейбиз. Дал ушул суроолорго керектөөчүлөрдүн укугун коргогон “Не сахар” долбоорунун негиздөөчүсү, журналист Эрулан Кокулов жооп берет.

- Эрулан, сиздин долбоор Кыргызстанда керектөөчүлөрдүн укугун коргогон, такай иштеген жалгыз долбоор. Ал качан түзүлгөн?

- Жалпысынан 6 жылдан бери иштеп келе жатат.

- Укук темасына келгенде биз адамдардын ортосундагы мамилелер, уруш-талаш маселесине көп көңүл буруп калабыз. Бирок, адамдардын эң негизги укуктарынын бири бул керектөөчү катары ээ болгон укугу деп билем. Бирок, биздин элдин менталитетинде бул көйгөй эч эле көтөрүлбөгөндөй туюлат.

- Биздин керектөөчүлөр укугун пайдалангандан уялышат. Бул туура эмес. Ошондуктан биз долбоорду даярдап, сунуш кылганбыз. Азыр бир күндө кеминде 100дөй адам укугумду коргоп бер деп кайрылган учурлары болот. Алар сатып алуучу катары өз укуктарын такыр эле билишпейт. Болбосо, биздин керектөөчүлөрдүн укугун коргогон абдан мыкты мыйзамыбыз бар. Эгер ал кынтыксыз иштесе, баары башкача болмок. Бизге даярдоочулар, аткаруучулар, сатуучулар мыкты товарларды сунуштамак. Негизи бул мыйзамды ар бир адам билиши керек. Ал 56 беренеден турат. Бирок, бул мыйзамды 90 пайыз эл билбейт.

- Мыйзамдын аткарылышына ким көзөмөлдүк кылат. Кардар, сатып алуучу укугу бузулган жагдайда кимге кайрылат?

- Мыйзамдын аткарылышы Өкмөткө жүктөлгөн. Бирок, сатып алуучу товарды алган соң анын сапатына же башкасына нааразы болуп, укугу бузулганын билсе, дароо милицияга кайрылуусу зарыл. Көпчүлүк учурда милиция бул бизге тиешелүү эмес дегендей түр көрсөтөт. Санитардык-эпидемиялогиялык көзөмөл кызматына, экотехинспекцияга кайрылып маселени чечсе болот.

- Мисалы, кардар 33 миң сомго телефон сатып алды дейли. Бирок ал дароо эле бузула баштаса, кантип товарды артка кайтарып, акчасын ала алат?

- Албетте 33 миң сом чоң акча. Эгер алган товар иштебесе, аны кайра артка алып баруудан эч качан уялбаш керек. Ал акча асмандан түшкөн жок. Эгер телефондо заводдон чыкканда эле бузук болсо, аны сатуучу кайра артка кайтарып алууга милдеттүү. Азыр бул мамиле мыйзамдаштырылган, кагазга жазылып калды. Бирок, телефондун бузук экендигин да дадилдеш керек. Аны далилдөө үчүн азыр телефон сатуучулар сервис борборлорун түзүп алышты. Бул да туура эмес. Сатуучу менен кардардын ортосунда эч кандай ортомчу болбошу керек. Ал эми өлкөгө сапатсыз буюмдар кирбеши үчүн өкмөт катуу көзөмөл кылышы зарыл. Бул комплекстүү иш. Белгилеп кетүүчү нерсе, сервис борборлору мыйзамсыз болуп саналат. Азыр соодагерлер керектөөчүлөрдү алдоонун көп түрүн ойлоп таап алышты. Буга көзөмөл кылынбаса укук бузуулар боло берет.

- Кээ бир сатуучулар “Товар обмену и возврату не подлежит” деп жазып коюшат. Ушул туурабы?

- Ар бир товардын өзүнүн өзгөчөлүгү болот. Мисалы, техниканы колдонгондон кийин алып келсе болбойт. Эгерде анда заводдон чыккандагы бузугу бар болсо, алып келип акчаңызды алсаңыз болот. Бирок, бардык эле товарды антип алмаштырганга болбойт деп жазып алган туура эмес. Кээ бир товарларды алмаштыруу боюнча кардар менен сатып алуучу алдын-ала сүйлөшүп алса болот.

- Супермаркеттерде азыр тамактар да сатылат. Целлофан менен жабылган товарды алган кардар үйүнө барганда анын сапаты жаман экендигин билсе эмне кылуусу керек?

- Мындай учурда сиз каалаcаңыз акчасын аласыз, болбосо ордуна башка тамак аласыз. Далил катары тамакты артка кайтарып алып келүү зарыл. Белгилеп кетүүчү жагдай-товарды кайсыл соода борборунан сатып алганын аныктаган товардык чек болушу керек. Кыргыз эли чекти сактаганды билишпейт. Чек бул документ. Чет өлкөдө чекти көпкө чейин сактап жүрүшөт.

- Баалардын ар кандай болушу тууралуу эмне айта аласыз. Бир эле товардын баасы дүкөндөрдө ар кандай?

- Мен бул тууралуу да көп изилдедим. Бирок, буга мыйзам жол берет экен.

- Сиз укугу бузулган кардарларга эмне деген кеңеш берет элеңиз?

- Өз укугуңарды пайдалангандан уялбагыла деп кеңеш айтам. Укукту коргоо үчүн бекем эрк керек. Биз укукту пайдалана билгенде гана сапаттуу товар сатып ала алабыз.

БИЛИП АЛЫҢЫЗ!

Эгерде товар кемчилиги менен болсо, аны акысыз четтеттирип алуу зарыл. Кызматтын баасын арзандатса болот. Башкасын талап кылсаңыз, товарды кайра кайтарып бересиз. Сиз келишим түзүп, иштин аткарылышын көзөмөл кыла аласыз. Эгерде товарды алмаштырууда, же кайрадан жасоодо дагы кемчилик табылса, анда келишимди бузганга укуктуусуз. Ошондой эле сиз бул маселеде кетирген чыгымды төлөтүп алууга да укуктуу экениңизди билишиңиз керек!

- Эгерде сатуучу тарабынан эскертилбеген, сапаты начар товар сатылса, анда керектөөчү өз каалоосу боюнча товардын кемчилигин акысыз четтеттирсе же керектөөчү же үчүнчү жак тарабынан ал кемчиликти оңдоого кеткен чыгымдарды өндүрсө болот. Сатык баасын тиешелүү түрдө азайтса, ошондой маркадагы (моделдеги, артикулдагы) товарга алмаштырса, сатык баасын тиешелүү түрдө кайра эсептөө менен башка маркадагы (моделдеги, артикулдагы) ошондой эле товарга алмаштырса, соода-сатык келишимин бузуу жана сатуучуга талаптагыдай эмес сапаттагы товарды кайтарып берүү менен товар үчүн төлөнгөн акчаны кайтарып берүүнү талап кылса болот. Мында керектөөчү сапаты начар товарды сатуунун кесепетинен өзүнө келтирилген чыгашанын ордун толук толтыруусу талап кылууга укуктуу. Чыгаша керектөөчүнүн тийиштүү талаптарын канаattандыруу үчүн ушул Мыйзамда белгиленген мөөнөттө өндүрүлөт.

Керектөөчүлөрдүн укугу алып-сатууда эле эмес, бардык тармактарда корголгон. Бирок, ошол эле учурда керектөөчү айрым милдеттерди да так аткарышы керектигин унутпашы шарт. Анткени мыйзам аткаруучу, сатуучу, даярдоочулардын да укуктарын коргойт.

Маектешкен
Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

Ду ДЭВЭНЬ, Чрезвычайный и Полномочный Посол Китайской Народной Республики в Кыргызской Республике

ВСТУПИТЬ В НОВЫЙ ЭТАП РАЗВИТИЯ И ОТКРЫТЬ НОВУЮ СТРАНИЦУ КИТАЙСКО-КЫРГЫЗСКИХ ОТНОШЕНИЙ

С 26 по 29 октября 2020 года в Пекине состоялся V пленум Центрального комитета Коммунистической партии Китая 19-го созыва. Генеральный секретарь ЦК КПК г-н Си Цзиньпин выступил с важной речью. На пленуме был рассмотрены и одобрены «Рекомендации ЦК КПК относительно 14-го пятилетнего плана социально-экономического развития и перспективных целей на 2035 год». Данный пленум проведен в важный период перекрестка времени осуществления целей «двух столетий» (к столетнему юбилею Компартии Китая в 2021 году полностью построить общество средней зажиточности, а к столетнему юбилею Китайской Народной Республики в 2049 году построить богатое, сильное, демократическое, цивилизованное и гармоничное социалистическое государство), имеет огромное значение и наметил для Китая новый грандиозный план развития на предстоящее пятилетие, и даже на 2035 год. Я хотела бы познакомить кыргызских друзей с главным итогом данного пленума.

Во-первых, на пленуме всесторонне подведены итоги 13-й пятилетки Китая. Период 13-й пятилетки стал решающей фазой для полного построения среднезажиточного общества в Китае. Под сильным руководством ЦК КПК, ядром которого является товарищ Си Цзиньпин, Китай достиг значимых достижений во многих отношениях. Отмечен важный прорыв в процессе всестороннего углубления реформ, сделаны большие шаги вперед в реализации идеи полного обеспечения законности в госуправлении, достигнуты весомые результаты в полном осуществлении строгого внутрипартийного управления. Экономическая, научно-техническая, а также совокупная мощность Китая вступила на новую ступень. Ожидается, что в 2020 году ВВП Китая перешагает рубеж 100 трлн китайских юаней. Удельный вес китайской экономики в мировой экономике вырос с 15,5% до 16,3%, и вклад Китая в рост мировой экономики превысил 30%. 55,75 млн сельских жителей Китая избавились от бедности, значит ежегодно более 10 млн человек освободились от нищеты. 5 лет подряд в Китае ежегодный валовой сбор урожая зерновых культур превышало 650 млн тонн. КНР продолжает расширение открытости, достигла богатых результатов в совместном строительстве инициативы «Один пояс и один путь», успешно провела 2 форума высокого уровня по сотрудничеству «Пояс и путь», подписала более 200 документов о совместном строительстве «Пояс и путь» с 138 государствами и 30 международными организациями. Китай 3 года подряд проводил международное импортное ЭКСПО. В этом году во время ЭКСПО были заключены предварительные соглашения по приобретению товаров и услуг на общую сумму 72,6 млрд долларов США. Уровень жизни населения Китая заметно повысился. Высшее образование становится общедоступным, создалось 60 млн с лишним новых рабочих мест для городского населения, сформирована самая крупная в мире по масштабу система социального обеспечения, базовое медицинское страхование покрывает более 1,3 млрд человек, базовое страхование по старости охватывает более 1 млрд человек. Можно сказать, что Китай уже вступил в новый этап высококачественного развития.

Следует особо отметить, что достижения 13-й пятилетки осуществились после преодоления Китаем суровых вызовов коронавирусной инфекции COVID-19. За третий квартал сего года экономика КНР выросла на 4,9%. Китай признан авторитетной международной организацией как единственная главная экономика мира, которой удастся выйти с положительным экономическим ростом в этом году. Это показывает, что экономика Китая имеет мощную реабилитационную способность и мощную жизненную силу.

Во-вторых, на пленуме намечен грандиозный план на период предстоящей 14-й пятилетки. Были одобрены пленумом «Рекомендации относительно 14-го пятилетнего плана социально-экономического развития и перспективных целей на 2035 год», которые чётко излагают перспективные цели Китая в осуществлении социалистической модернизации к 2035 году и отвечают на вопросы о том, каким образом Китай будет развиваться в новой обстановке и как Китай будет осуществлять развитие. В период 14-й пятилетки Китай будет руководствоваться стратегией стимулирования развития за счет инноваций, формировать мощный внутренний рынок, создавать механизмы социалистической рыночной экономики высокого уровня, продвигать согласованное развитие регионов и урбанизацию нового типа, стимулировать «зелёное развитие» и улучшать качество жизни народа. Китай ускорит процесс создания новой архитектоники развития, которая делает акцент на внутренней циркуляции и позволяет внутренней и внешней циркуляциям усиливать друг друга.

В настоящее время в мире наблюдается тенденция экономической деглобализации и усиления унилатерализма и протекционизма. Выдвижение Китаем инициативы о создании новой архитектоники развития с акцентом на «двух циркуляциях» отнюдь не означает, что Китай намерен изолироваться от внешнего мира. Наоборот, Китай готов углубленно осуществить политику внешней открытости на более высоком уровне и в более крупных масштабах. Достигая своего развития, Китай внесёт больше вклада в развитие всего мира и предоставит всем странам более обширный рынок и больше шансов. Как отметил Председатель КНР г-н Си Цзиньпин на церемонии открытия 3-го Китайского международного импортного ЭКСПО, Китай будет и впредь неуклонно расширять масштабы внешней открытости и превращать рынок Китая в общедоступный рынок, рынок для всего мира, рынок для всех. Мы убеждены, что развитие Китая придаст более мощный импульс развитию глобальной экономики, предоставит более стабильную и широкую площадку для развития сопредельных государств и развивающихся стран, а также воплощает китайскую мудрость по сохранению стабильности во всём мире и продвижению создания сообщества единой судьбы человечества.

В-третьих, новый этап развития Китая откроет новое будущее дружественному сотрудничеству между Китаем и Кыргызстаном. Китай и Кыргызстан – добрые соседи, хорошие друзья и надежные партнеры. В июне прошлого года Председатель КНР г-н Си Цзиньпин совершил успешный государственный визит в Кыргызстан, что вывело китайско-кыргызские отношения всестороннего стратегического партнерства на качественно новый уровень. В этом году в борьбе против коронавирусной инфекции народы двух стран постоянно помогают друг другу, поддерживают друг друга. Разные круги общества Китая и Кыргызстана своими действиями доказывают, что близкий сосед лучше дальних родственников. Недавно на 20-м заседании Совета глав государств-членов Шанхайской организации сотрудничества Председатель КНР г-н Си Цзиньпин выдвинул инициативу строительства сообщества здравоохранения, безопасности, развития и культурно-гуманитарного сотрудничества. Глава Китая призвал государства-члены ШОС наращивать сотрудничество в борьбе против COVID-19, придерживаться концепции общей, комплексной, совместной и устойчивой безопасности, реагировать на разные угрозы и вызовы, неуклонно претворять в жизнь идею инновационного, скоординированного, зеленного, открытого и общедоступного развития, расширять поле практического сотрудничества, содействовать экономическому восстановлению и улучшению благосостояния населения, а также продвигать междуцивилизационное взаимодополнение, углублять добрососедство и дружбу. Выступление Председателя Си Цзиньпина указывает направление для развития сотрудничества между государствами-членами ШОС, в том числе и Кыргызстан.

Вступая в новый этап развития, Китай будет и дальше придерживаться концепции «доброжелательности, искренности, взаимовыгодности и толерантности», продолжает углублять практическое сотрудничество с Кыргызстаном в разных сферах в постэпидемический период, продвигать достижение новых успехов в рамках совместного строительства «Один пояс и один путь». Китайская сторона искренне приглашает кыргызскую сторону дальше мчаться вперед в «экспресс-поезде» экономического развития Китая, готова совместно с кыргызской стороной создать мирное, стабильное и процветающее сообщество единой судьбы Китая и Кыргызстана.

Маанилүү долбоор

КОРОНАВИРУС ЭПИДЕМИЯСЫН ЖЕҢИП, КООПСУЗ ЖАНА НАТЫЙЖАЛУУ ИШТӨӨГӨ КАЙТЫП КЕЛҮҮ

Циндао "Лонг Хай" жолдорду жана көпүрөлөрдү куруу корпорациясы Кыргызстандагы Ысык-Көл аймагындагы айланма жолун курууга жардам берүүдө

"Ысык-Көлдө болбогон адам, Кыргызстанга дегеле келбегенге тете". Бул Кыргызстандагы белгилүү макал. "Кудайдан калган бермет" деп аталган Ысык-Көл дүйнөнүн ар тарабынан келген туристтердин Кыргызстанга келишинин маанилүү себеби болуп саналат. Ошондуктан, Ысык-Көл айланма жолун куруу долбоору өлкөдөгү эң маанилүү инфраструктуралык долбоорлордун бири болуп эсептелинет. Жакында эле биздин кабарчылар Циндао "Лонг Хай" жолдорду жана көпүрөлөрдү куруу корпорациясынын башкы директору (мындан ары "Лонг Хай" корпорациясынын Кыргызстандагы өкүлчүлүгү) Жан Бо мырза жана башкы инженер Авазбек Чалакеев менен эксклюзивдүү маек куруп, жаңы долбоордун курулуш абалы менен таанышты. Ысык-Көлдүн айланасындагы айланма жол, тактап айтканда, 104 чакырымдык Балыкчы – Корумду автоунаа жолу Ысык-Көлдүн жергиликтүү тургундарына кандай шарттарды түзүп берээри жөнүндө маек курдук.

ЖОЛ САЛУУ ИШТЕРИ КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАРАНДАРЫ ТАРАБЫНАН ЖАКТЫРЫЛДЫ

Маалыматка ылайык, 2015-жылдын октябрь айында "Лонг Хай" корпорациясынын Кыргызстандагы өкүлчүлүгү Ысык-Көлдүн түндүк жээгин бойлой 104 чакырымдык Балыкчы – Корумду автоунаа жолун, анын ичинде бардык көпүрөлөрдү жана суу өткөргүчтөрдү, жер алдындагы өтмөктөрдү курууга арыз берген. Долбоордун жалпы наркы 6,802 миллиард сомду түзөт (1 юань 12 сомго барабар). Бүгүнкү күндө долбоордун жалпы көлөмүнүн болжол менен 62%ы аткарылды.

Жан Бо мырзанын айтымында, долбоордун курулушу 500дөн ашуун жергиликтүү тургундарды жумушка орноштурууга өбөлгө түзгөн, корпорация көптөгөн инженерлерди, котормочуларды, механиктерди, техникалык тейлөө кызматкерлерин жана башка техникалык кызматкерлерди тарбиялаган. Долбоор ошондой эле жергиликтүү экономикалык өнүгүүгө, көп сандагы турмуш-тиричилик жана курулуш материалдарын сатып алууга, ошондой эле долбоор жүрүп жаткан аймакта көптөгөн тармактардын тез өнүгүшүнө алып келген.

"Биз LB4000 кытай асфальт-бетон заводун ишке киргиздик, бийиктиги 9 метр болгон асфальт төшөөчү заманбап жабдууларды колдонобуз, алар асфальт төшөө иштерин жогорку ылдамдыкта жана натыйжалуулук менен аткара алышат", - деп белгиледи ал.

Жолдун буга чейин жабылып калган бөлүктөрү жергиликтүү тургундар тарабынан таанылды. Анын айтымында, автоунаа жолу курула электе Балыкчы шаарынын жашоочулары жолдон чыккан чаңдан көп азап чегип, нааразычылыктары артып баштаган. "Лонг Хай" корпорациясынын Кыргызстандагы өкүлчүлүгү кыска убакыттын ичинде сапаттуу асфальт төшөө иштерин аяктап, Балыкчы шаарынын айлана-чөйрөсүнүн сапаттуу жакшырышына алып келди. Ошондуктан жергиликтүү тургундар тарабынан компания жогору бааланган.

КЫЙЫНЧЫЛЫКТАРДЫ ЖЕҢИП, АМАН-ЭСЕН ЖУМУШКА КАЙТЫП КЕЛҮҮ

2020-жылдын башында бүт дүйнө капыстан келген коронавирус эпидемиясына кабылып, натыйжада Балыкчы – Корумду унаа жолу долбоорунун бардык курулуш пландары үзгүлтүккө учураган. Кытайлык кызматкерлер Кыргызстанга өз убагында кайтып келе албай калгандыгына байланыштуу март айында ишти баштоо боюнча баштапкы план сентябрга жылдырылган.

"Кыйынчылыктар пайда болоору менен аларды ошол замат чечүү" - "Лонг Хай" корпорациясынын кызматкерлери карманган иштин принциби. "Лонг Хай" корпорациясынын Кыргызстандагы өкүлчүлүгү Кытайдын Кыргыз Республикасындагы элчилиги менен активдүү байланышып, жумушун калыбына келтирүү үчүн кытай кызматкерлеринин чартердик учак менен кайтып келиши жөнүндө жол-жоболорду билип, ошол эле учурда курулуш жүрүп жаткан жерде эпидемиянын алдын алууда жакшы иштерди жүргүздү. Натыйжада, 2020-жылы 23-августта кытайлык техниктер Кыргызстанга ийгиликтүү кайтып келишти.

Жан Бо мырзанын айтымында, коронавирус эпидемиясы бүткүл дүйнөнү каптап, анын айынан көптөгөн тармактар жабыркаган. Бирок "Лонг Хай" корпорациясынын адамдары "алдыга умтулуп", ар бир кызматкердин коопсуздугун камсыз кылуу менен кыргыз тараптын урмат-сыйына ээ болушкан.

"Жумушка кайтаардан мурун кызматкерлердин жатаканасында комплекстүү дезинфекциялык тазалоо иштерин жүргүзүп, эпидемияга каршы жана коргоочу материалдарды жетиштүү көлөмдө камдап, курулуш жүрүп жаткан жерге кирген ар бир адамдын дене табын өлчөп, беткап жана дезинфекциялоочу каражаттарды таратып берип жаттык", - деди ал.

"Лонг Хай" корпорациясынын Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн материалдык-техникалык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы Жан Хунчун да активдүү жана натыйжалуу коргоого жетишүү үчүн бардык кызматкерлер үчүн эпидемияны алдын алуу боюнча лекцияларды атайын уюштурган.

Планга ылайык, 2020-жылдын аягына чейин корпорация 25 чакырым жол тилкесине, 40 чакырым жол жээгине, 5 суу өткөрүүчү каналына асфальт төшөө жана энергетикалык объектилерди өткөрүп берүү иштерин аяктайт.

"2020-жылы каражаттын жетишсиздигине байланыштуу корпорациянын башкы кеңсеси курулушту баштоого каражат бөлүп берди. Кыска убакыттын ичинде бүткөрүлгөн иштин көлөмү Кыргызстандын Өкмөтү жана транспорт департаменти тарабынан жактырылды. Кыргызстандын Өкмөтүнүн жана элинин бизге баа бериши биздин ишибизге эң чоң колдоо болуп саналат жана компания кыйынчылыктарды жеңип, долбоорду тез арада ишке ашырууга аракет кылат", - деди Жан Бо мырза.

КЫТАЙ МЕНЕН КЫРГЫЗСТАНДЫН ДОСТУГУ ӨЗ АРА ЖАРДАМДАШУУ АРКЫЛУУ ТЕРЕҢДӨӨДӨ

Бул Кыргызстандагы маанилүү инфраструктуралык долбоор болгондуктан, Балыкчы – Корумду долбоорунун курулушу башталгандан бери өлкөнүн көптөгөн саясий лидерлери курулуштун жүрүшү менен таанышып, жасалган иштерди текшерип келишкен.

104 чакырымдык Балыкчы – Корумду унаа жолунун долбоорунун башкы инженери Авазбек Чалакеевдин айтымында, 2018-жылдын сентябрь айында Үчүнчү дүйнөлүк көчмөндөр оюндары Чолпон-Ата шаарында өткөн. Кыргызстандын Транспорт министрлигинин убактылуу макулдашуусуна ылайык, долбоордук бөлүм Чолпон-Ата шаарына алып баруучу төрт маанилүү участоктун ишин тез арада бүтүрүп, оюндар учурунда трафиктин жогорку агым маселесин ийгиликтүү чечүүгө жетишишти.

Ал белгилегендей, долбоор аяктагандан кийин бул Ысык-Көл облусунун туризминде жана айыл чарбасында эбегейсиз чоң өзгөрүүлөргө алып келмекчи. Андан тышкары жергиликтүү экономиканын өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, натыйжада көптөгөн адамдар Ысык-Көлдүн кооз пейзаждарын көрүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

Мындан тышкары, долбоорду куруу учурунда "Лонг Хай" корпорациясынын Кыргызстандагы өкүлчүлүгү Ысык-Көл облусунун айрым шаарларына эски жолдорду оңдоого жана мектептерге баруучу жолдорду бекемдөөгө жардамын көрсөттү. Коронавирус эпидемиясы учурунда корпорациянын долбоордук бөлүмү жергиликтүү бийликке суу чачуучу унааларын дезинфекциялоочу суюктуктарды чачууга бекер берген жана жергиликтүү бийликке эпидемияны алдын алууда жана ага каршы күрөшүүдө активдүү жардам көрсөткөн.

Жан Бо мырза маалымдагандай, Кыргызстандын транспорт департаментинин тиешелүү жетекчилери бир нече жолу курулуш жүрүп жаткан жердин учурдагы абалы менен таанышып, долбоордун жүрүшүн жана курулуштун сапатын жогору баалашкан. "Биздин корпорация ошондой эле жергиликтүү бийлик органдарына жана тургундарга ар кандай кыйынчылыктарды чечүүдө жигердүү жардам берип келе жатат, бул эки өлкөнүн элдеринин достугун андан ары тереңдетүүгө алып келээри шексиз", - деп жыйынтыктады ал.

Лю ИН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНДА МЕДИЦИНАЛЫК ЖАНА ПСИХОДИАГНОСТИКАЛЫК КҮБӨЛӨНДҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨ (ТЫНЧТЫК ЖАНА СОГУШ МЕЗГИЛИНДЕ) ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 5-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында медициналык жана психодиагностикалык күбөлөндүрүү жөнүндө (тынчтык жана согуш мезгилинде) жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызмат, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрүшсүн.

3. Ушул токтомду ишке ашыруу менен байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдары үчүн тийиштүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджеттен каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырыла тургандыгы белгиленсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 27-октябры, №517

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2011-ЖЫЛДЫН 5-АВГУСТУНДАГЫ №451 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУСУНУН АТКАРУУ ОРГАНЫНЫН ТИПТҮҮ ТҮЗҮМҮН ЖАНА ШТАТТЫК САНЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 46-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмүндө жана штаттык санында:

эскертүүсүнүн үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Премьер-министр **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 27-октябры, №518

МУНИЦИПАЛДЫК МҮЛКТҮ САТУУ БОЮНЧА ЭЛЕКТРОНДУК ФОРМАТТА АУКЦИОНДОРДУ ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

"Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-1 жана 15-беренелерин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Муниципалдык мүлктү сатуу боюнча электрондук форматта аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына муниципалдык мүлктү сатууда жогоруда аталган жобону жетекчиликке алуу сунушталсын.

3. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 27-октябры, №519

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2019-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДАГЫ №748 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЭЛЕКТРОНДУК БАШКАРУУНУ ИШКЕ АШЫРУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

«Электрондук башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренесинин 4-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 31-декабрындагы №748 «Кыргыз Республикасында электрондук башкарууну ишке ашыруунун айрым маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- төмөнкүдөй мазмундагы 1-1-пункт менен толукталсын:

«1-1. Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин алдындагы «Түндүк» электрондук өз ара аракеттенүү борбору» мамлекеттик ишканасы Бирдиктүү идентификациялоо системасынын оператору болуп аныктасын.».

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 30-октябры, №524

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ТАРМАКТАРЫН ЖАНА КАЛКЫН 2020/2021-ЖЫЛДАРДАГЫ КҮЗ-КЫШ МЕЗГИЛИНЕ ДАЯРДООНУН ЖҮРҮШҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын экономика тармактарынын жана калкынын 2020/2021-жылдардагы күз-кыш мезгилинен туруктуу өтүүсүн камсыздоо максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Министрликтер жана ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары (макулдашуу боюнча):

1) 2020/2021-жылдардагы жылытуу мезгилинин башталышына карата мекемелердин, анын ичинде медициналык, билим берүү жана социалдык мекемелердин буу казандарынын жана жылуулук механикалык жабдууларынын даярдыгын камсыздоо боюнча иштерди аякташсын;

2) Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасы менен бирдикте зарыл болгон көлөмдө калкка көмүр берүүнү, отун базаларын жана көмүр сатуу пункттарын ачууну, анын ичинде бийик толуу жана жетүүгө кыйын алыскы аймактардагы катаал, жагымсыз жаратылыш-климаттык шарттарда жашаган адамдарды көмүр менен камсыздоо максатында көчмө пункттарды ачууну камсыз кылышсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция мыйзамдарда белгиленген тартипте мекемелердин энергетика объекттерин, буу казандарын жана жылуулук механикалык жабдууларын коопсуз эксплуатациялоого контролдоону жана көзөмөлдөөнү камсыздасын.

3. Төмөнкүлөр сунушталсын:

1) "Түндүк электр", "Чыгыш электр", "Ош электр" жана "Жалалабат электр" ачык акционердик коомдоруна Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-апрелиндеги №228 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2020/2021-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомунун 16-пунктунун төртүнчү абзацында көрсөтүлгөн электр тармактарында электр энергиясынын жоготууларынын деңгээлдерин ашырууга жол бербөө боюнча чараларды көрүү;

2) "Электр станциялар", "Чакан ГЭС", "Кыргызстан улуттук электр тармагы", "Түндүк электр", "Ош электр", "Чыгыш электр" жана "Жалалабат электр" ачык акционердик коомдоруна энергетикалык жабдыктарды капиталдык оңдоо планын өз убагында жана сапаттуу аткаруу боюнча иштиктүү чараларды көрүү.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары (макулдашуу боюнча) Кыргыз Республикасынын керектөөчүлөрү тарабынан электр энергиясын пайдалануу лимити боюнча тапшырманын аткарылышын өзгөчө контролго алышсын.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-апрелиндеги №228 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2020/2021-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 2-12 жана 14-17-тиркемелери ушул токтомдун 1-11 жана 12-15-тиркемелерине ылайык редакцияда баяндалсын.

6. Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы Энергетика жана экономика илим изилдөө институту электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттеринин ишенимдүү маанилерин белгилөө максатында бюджеттик уюмдарга энергетикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү боюнча илимий-изилдөө иштерин туруктуу негизде улантып турсун.

7. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жыл сайын, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы Энергетика жана экономика илим изилдөө институтунун бюджетинде электр, жылуулук энергиясы жана жаратылыш газы үчүн керектөө лимиттеринин бюджеттик көлөмүнө энергетикалык изилдөө жүргүзүү үчүн 2 000 000 (эки миллион) сом өлчөмүндө финансылык ресурстарды караштырып турсун.

8. Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен бирдикте 2021-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын республикалык жана жергиликтүү бюджеттеринен каржыланган бюджеттик уюмдар үчүн энергетикалык ресурстарды (электр, жылуулук энергиясы жана жаратылыш газын) керектөөнүн лимиттерин Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы Энергетика жана экономика илим изилдөө институту тарабынан бюджеттик уюмдарга энергетикалык изилдөө жүргүзүү учурунда алынган электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттеринин ишенимдүү маанилеринин негизинде бекитсин.

9. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын өнөр жай, отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу бөлүмүнө жүктөлсүн.

10. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 27-октябры, №520

«ЭЛЕКТРОНДУК ДОКУМЕНТ ЖҮГҮРТҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК СИСТЕМАСЫ» АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН МААЛЫМАТ СИСТЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

«Электрондук башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. «Электрондук документ жүгүртүүнүн мамлекеттик системасы» автоматташтырылган маалымат системасы жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы «Инфоком» мамлекеттик ишканасы:

- электрондук документ жүгүртүү системасынын баланстык наркын аныктасын;

- Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине «Электрондук эсептөө машиналары үчүн программаларды жана маалыматтар базаларын укуктук коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык электрондук документ жүгүртүү системасына мүлктүк укуктарды өткөрүп берсин.

3. Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети ушул токтомдун 2-пунктуна ылайык мүлктүк укукту өткөрүп берүү процесси аяктагандан кийин эки айлык мөөнөттө электрондук документ жүгүртүү системасын балансына кабыл алсын.

4. Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитеттери, административдик ведомстволору, жергиликтүү мамлекеттик администрациялары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрү, изин суутпай издөө ишин жүргүзүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарды (бажы органдарынан сырткары), коргоо, өзгөчө кырдаалдар жана финансылык чалгындоо иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарды кошпогондо ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жобону жетекчиликке алышсын жана бир айлык мөөнөттө:

- өздөрүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтиришсин;

- ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрүшсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратына (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын сот системасынын органдарына (макулдашуу боюнча), башка мамлекеттик органдарга (макулдашуу боюнча) жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (макулдашуу боюнча) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жобону жетекчиликке алуу сунушталсын.

6. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде тиешелүү жылга каралган финансылык каражаттардын чегинде электрондук документ жүгүртүү системасын техникалык жактан тейлөөнү каржылоону өз учурунда камсыздасын.

7. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын санариптик трансформациялоо бөлүмүнө жүктөлсүн.

8. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 30-октябры, №526

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР МАДУМАРОВ АДАХАН КИМСАНБАЕВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер А.К.Мадумаровдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 9-ноябрында №07-06/3203 түшкөн арызына байланыштуу, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер А.К.Мадумаровдун шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Бакиров Артур Жылдызбекович катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер А.К.Мадумаровдун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Байсалова Анара Базаркуловна катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер А.К.Мадумаровдун катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом “Эркин Тоо” газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 11-ноябры, №305

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР ТАГАЕВ РАШИД БАКИРОВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер Р.Б.Тагаевдин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 10-ноябрында №07-06/3210 түшкөн арызына байланыштуу, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Р.Б.Тагаевдин шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Чекиров Мурат Бактыбекович катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Р.Б.Тагаевдин каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Акынова Назгуль Таштанбековна катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Р.Б.Тагаевдин катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом “Эркин Тоо” газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 11-ноябры, №306

ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ПАНФИЛОВ РАЙОНУНУН ВОЗНЕСЕНОВКА АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫН ШАЙЛООНУ ДАЙЫНДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Чүй облусунун Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акиминин 2020-жылдын 11-августундагы №104-р буйругу менен Вознесеновка айыл өкмөтүнүн башчысы Аманкулов Эмир Эркинбекович өзү берген арызынын негизинде ээлеген кызматынан бошотулган.

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7, 14, 18-беренелерине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 6-январындагы №3 токтому менен бекитилген «Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун тартиби жөнүндө» Жобосуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Чүй облусунун Панфилов районунун Вознесеновка айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо 2020-жылдын 2-декабрына дайындалсын жана саат 9.00дөн 12.00гө чейин өткөрүлсүн

2. Панфилов аймактык шайлоо комиссиясы шайлоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2020-жылдын 11-майындагы №244 токтому менен бекитилген санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин сакталышы менен өткөрүүнү уюштурсун.

3. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Г.Бекматовго жүктөлсүн/

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 13-ноябры, №308

ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН ТАШ-КӨМҮР ШААРЫНЫН МЭРИН ШАЙЛООНУ ДАЙЫНДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2020-жылдын 11-ноябрындагы №570 буйругу менен Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаарынын мэри Асаналиев Ракматилда Алпаязович «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесинин 6-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде ээлеген кызмат ордунан бошотулган.

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7, 18-беренелерине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесине ылайык, Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 6-январындагы №3 токтому менен бекитилген «Шаардын мэрин шайлоо тартиби жөнүндө» жобосуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаарынын мэрин шайлоо 2020-жылдын 2-декабрына дайындалсын жана саат 9.00дөн 12.00гө чейин өткөрүлсүн.
